**Жалал-Абад областынын Ала-Бука районунун жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын 2022-жылдын 1-январынан тартып 2022-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгындагы бюджеттин түзүлүшүнө жана аткарылышына жүргүзүлгөн шайкештик аудиттин жыйынтыгы боюнча Жалпылоо отчёт**

**Аудит жүргүзүү үчүн негиз:** 2023-жылга Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын аудитордук иш планы, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Ош шаары, Ош, Жалал-Абад жана Баткен областтары боюнча аймактык бөлүнүшүнүн 2023-жылдын 28-августундагы №02-3/251 буйругу.

**Аудиттин максаты:** Жалал-Абад областынын Ала-Бука районунун жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын 2022-жылдын 1-январынан тартып 2022-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгындагы бюджеттин түзүлүшүнө жана аткарылышына аудит жүргүзүү.

**Аудит мезгили:** 2022- жылдын 1-январынан 31-декабрына чейин.

**Аудиттин түрү:** Шайкештик аудити.

**Аудит объектилери:** Ала-Бука райондук мамлекеттик администрациясы, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Ала-Бука райондук финансы башкармалыгы, Ала-Бука райондук өнүктүрүү фонду, Ала-Бука районунун айыл өкмөттөрү, муниципалдык ишканалары жана бюджеттик мекемелер.

**Аудитордун милдети:**

Аудитордун милдети, жүргүзүлгөн аудиттин негизинде мыйзам талаптарына (аудиттин критерийлерине) 2022-жылы жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Ала-Бука райондук финансы башкармалыгынын, Ала-Бука районуна караштуу бюджеттик мекемелер жана чарбалык ишканалардын ишинин шайкеш келүүсүнө карата өз алдынча корутундуга келүүсүндө турат.

**Жетекчиликтин жоопкерчилиги:**

“Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, райондогу жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы болуп Ала-Бука райондук администрациясы, айыл өкмөттөрү эсептелинет. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын милдеттерине мамлекеттик башкаруу жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу боюнча ыйгарылган бардык маселелерди аткаруу кирет, Кыргыз Республикасынын башка органдарынын компетенциясына карата Кыргыз Республикасынын Мыйзамы менен киргизилген ыйгарым укуктардан сырткары.

Аудит мезгилине карата Ала-Бука райондук мамлекеттик администрациясынын башчысы-аким болуп Чаргынбаев Кайырбек иштеп келе жатат.

**Аудит предмети:** Аудиттин предмети болуп муниципалдык каражаттарды жана мүлктү башкаруу жаатында бюджеттик мыйзамдын талаптарына ылайык, жергиликтүү бюджетти аткаруу боюнча Ала-Бука райондук жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишин баалоо эсептелет.

Аудиттин көлөмүнө киргизилген маселелер:

- Жергиликтүү бюджеттин түзүү жана аткаруу процессин жөнгө салуучу ченемдик документтердин жана мыйзам ченемдеринин сакталышына жана аткарылышына аудит;

- Жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгүнүн аткарылышын талдоо;
- Жергиликтүү бюджеттин чыгымдар бөлүгүнүн аткарылышын талдоо;
- Жайыт пайдалануучулар бирикмесинин ишмердүүлүгүн талдоо, киреше жана чыгымдар бөлүгүнүн аткарылышын талдоо;
- Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын муниципалдык карызынын абалына жана тейленишине аудит;
- Муниципалдык бюджеттик мекемелердин чыгымдар сметасынын аткарылышына аудит;
- Муниципалдык ишканалардын бюджетинин аткарылышына аудит;
- Муниципалдык менчикти башкаруу боюнча ишти талдоо;
- “Ички аудит жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын аткарылышын талдоо.

**Аудиттин критерийлери**

Критерий катары, Ала-Бука райондук жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана алардын муниципалдык ишканаларынын, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Ала-Бука райондук финансы башкармалыгынын жана анын ведомстволук бюджеттик мекемелеринин, муниципалдык ишканаларынын ишинин Кыргыз Республикасынын Бюджеттик, Салык кодекстерине жана “Салык эмес кирешелер” Кодексине, “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына, Жергиликтүү Кеңештердин токтомдоруна жана 2021-2022-жылдарда жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишин жөнгө салуучу Кыргыз Республикасынын жана башка ченемдик-укуктук актыларына туура келишин баалоо деп эсептейбиз.

**Ишти аткарууда колдонулган аудит стандарттары**

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Кеңешинин 19.12.2018-жылдагы №01-26/123 токтому менен бекитилген Шайкештик аудити боюнча колдонмого ылайык, ISSAI 400 жана ISSAI 1400 (2015-жылы кайра каралган), шайкештик аудити үчүн жетектөөчү көрсөтмөлөргө ылайык иш жүргүзүлдү.

**Аткарылган иштерди кыскача баяндоо**

Аудит тарабынан Ала-Бука райондук жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Ала-Бука райондук финансы башкармалыгынын жана Ала-Бука районуна караштуу ведомстволук бюджеттик мекемелеринин жана муниципалдык ишканаларынын ишине тиешелүү жергиликтүү бюджетти аткаруу, кирешелер жана чыгымдар сметасы жана Кыргыз Республикасынын мыйзамынын талаптарына ылайык муниципалдык мүлктү башкаруу боюнча маселелер изилденди.

Аудит өзүнө, бюджеттик, бюджеттен сырткары жана атайын каражаттардын чыгымдары ченемдик укуктук актыларга ылайык жүргүзүлгөндүгү боюнча жетиштүү жана талаптагыдай тастыкталган далилдерди алуу үчүн жол-жоболорду аткарууну камтыйт. Ушул отчетто жазылган жетиштүү жана талаптагыдай тастыкталган далилдерди алуу үчүн негизди камсыздоо үчүн, чогултулган аудитордук далилдер жетиштүү жана талаптагыдай деп эсептейт.

Аудитке тийешелүү болгон жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Ала-Бука райондук финансы башкармалыгынын жана Ала-Бука районуна караштуу муниципалдык ишканаларын тандоо, аудитти пландоо, олуттуулук факторлорун аныктоо, 2022-жылдагы чыгымдар көлөмүнүн олуттуулугуна жана иштин

мүнөзүнө жараша жүргүзүлгөн (*материалдар ар бир аудит объектиси боюнча өзүнчө түзүлгөн).*

**Райондун аймагындагы айыл өкмөттөрдүн жергиликтүү бюджетинин кирешелери жана чыгашалары боюнча экономикалык көрсөткүчтөрү.**

2022-жылдын жыйынтыгы боюнча айыл чарбасынын дүң продукциясы 9662,7 миң сомду түзүп, 2021-жылга салыштырмалуу өндүрүлгөн продукциянын көлөмүнүн өсүшү 623,6 миң сомго же болбосо 106,9 %га аткарылган.

2022-жылдын жыйынтыгы боюнча өнөр-жай продукциясы 5562,9 миң сомго өндүрүлгөн. 2021-жылга салыштырмалуу, өндүрүлгөн өнөр-жай продукциясы 1138,7 миң сомго көбөйүп, өсүү темпи 125,7 %га аткарылган. Ал эми физикалык көлөмдүн индекси 135,2 %ды түзгөн.

2022-жылдын чекене товар жүгүртүү көлөмү 6681113,0 миң сомду түзгөн. 2021-жылга салыштырмалуу чекене товар жүгүртүүнүн көлөмү 1137031 миң сомго көбөйүп, өсүү темпи 102,9 %га камсыздалган.

2022-жылы акы төлөө кызматынын көлөмү 517519,8 млн. сомго аткарылган. 2021-жылга салыштырмалуу акы төлөөнүүчү кызмат көрсөтүү көлөмү 102507,9 миң сомго өскөн, же өсүү темпи 124,7%га аткарылган.

2022-жылы капиталдык салымдын көлөмү 1709698,6 миң сомго аткарылган. 2021-жылга салыштырганда капиталдык салымдын көлөмү 979957,9 миң сомго көбөйүп, өсүү темпи 234,3 %ды түзгөн.

**Билим берүү**

Кыргыз Республикасынын “Билим берүү жөнүндө” Мыйзамына ылайык, Ала-Бука районунда **2022-окуу жылына** карата 45 мектеп, анын ичинде: 35 орто мектеп, 4 негизги мектеп, 6 башталгыч билим берүүчү мектептер эсептелет. Райондун билим берүү тармагында жалпы 1496 педагогикалык кызматкер эмгектенген. Алардын ичинен: 1336 мугалими жогорку, 120 мугалими атайын орто, 36 бүтпөгөн жогорку, 4 орто билимдүү мугалимдер. Бул окуу жылында жалпы билим берүү мекемелери 89 жаш кадр менен камсыз болгон.

Билим берүү процессинде 29 мектепте окутуу кыргыз тилинде, 5 мектепте окутуу кыргыз, орус тилинде, 7 мектепте окутуу кыргыз, өзбек тилинде, калган 4 мектепте окуу аралаш (кыргыз,өзбек,орус) тилдеринде жүргүзүлөт.

Жалпы билим берүүчү мектептердеги окуучулардын саны 22126, анын ичинен: 1-4 класстын окуучуларынын саны 9114, 5-9 класстардагы окуучулардын саны 9437, 10-11 класстардагы окуучулардын саны 1768.

Окуу процессинде колдонулган компьютерлердин жалпы саны 1253, анын ичинде: оң абалда 1053, иштебеген абалда 200. Информатика сабагы 5-9 класстарга берилет, окуучуларынын саны 9437, бир компьютерге 9 окуучу туура келет.

Билим берүү тармагында район боюнча мектепке чейинки билим берүүчү 28 мекеме иштейт. Алардагы тарбиялануучулар 104 тайпага бөлүнгөн, жалпы тарбияланган балдардын саны 4118 түзөт.

2022-2023-жаңы окуу жылына карата мектептерди ремонттон өткөрүү үчүн республикалык бюджеттен 1 600,9 миң сом акча каражаты бөлүнгөн.

**Социалдык чөйрө.**

**2022-жылы** Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасында мамлекеттик жөлөкпул жөнүндө” Мыйзамынын негизинде Ала-Бука райондук социалдык өнүгүү башкармалыгы тарабынан аз камсыз болгон 4886 үй-бүлөөлөргө, же болбосо 13911 балага ар бир айда бир жолу төлөөнүүчү жөлөк пул белгиленген, төлөнүп берилген жөлөк пулдардын өлчөмү 174248,2 миң сом. Ала-Бука району

боюнча 1584 үй-бүлөдөн 1623 адам социалдык жөлөк пулдарды алат. Жыл ичинде бул катмардагы адамдар үчүн жалпы 133070,3 миң сом ай сайын берилүүчү жөлөк пул төлөнүп берилген. Ошондой эле жыл ичинде 55 адамга 182,9 миң сом сөөк коюу үчүн, 565 адамга кош бойлуулук жана төрөт боюнча 2155,8 миң сом жөлөк пул төлөнгөн.

2022-жылы жумуш менен камсыз кылуу боюнча 2226 адам каттоого алынган, анын ичинен жыл ичинде 99 адам жумушка орноштурулган.

2022-жылы район боюнча стационардык мединициналык мекемелерде 9873 орулуу дарыланып чыккан.

2022-жыл ичинде энелердин өлүмү катталган жок. Ал эми 1 жашка чейинки балдардын өлүмү боюнча 24 учур катталган, же өткөн жылга салыштырмалуу бирдей катталган. Жыл ичинде 1292 бала төрөлүп, өткөн жылга салыштырмалуу 183 балага аз төрөлгөн.

**Бюджеттин түзүмүнүн түзүлүшүнүн натыйжалуулугуна талдоо.**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги тарабынан сунуш кылынган көрсөткүчтөрдүн чегинде, Ала-Бука районундагы жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдарынын **2022-жылга карата** жергиликтүү бюджеттеринин жылдык өлчөмү жалпысынан 506146,4 мин сомго бекитилген. Жергиликтүү бюджеттеринин жалпы киреше бөлүгүнүн түзүлүшү негизги төрт бөлүктөн түзүлгөн: салыктык кирешелер, официалдык трансферттер, салыктык эмес кирешелер жана активдер.

а) Салыктык кирешелер (бекитилген жергиликтүү бюджеттин 61,1 %ды түзөт) өзүнө төмөндөгүлөрдү камтыйт:

- Кыргыз Республикасынын резиденттери-жеке жактардан алынуучу киреше салыгы, жергиликтүү бюджетке жалпы контингенттен 100% чегерилүүсү каралган;

- юридикалык жактардын чакан ишкердик субьекттери үчүн бирдиктүү салыгы, жергиликтүү бюджетке жалпы контингенттен 100 % чегерилүүсү каралган;

- менчик салыгы (мүлк салыгы жана жер салыгы), жергиликтүү бюджетке жалпы контингенттен 100 % чегерилүүсү каралган;

б) Мамлекеттик башкаруу секторунун трансферттери (бекитилген жергиликтүү бюджеттин 10,6% түзөт) өзүнө республикалык бюджеттен берилүүчү теңдештирүүчү гранттарды камтыйт.

в) Салыктык эмес кирешелер (бекитилген жергиликтүү бюджеттин 28,3 %ды түзөт) өзүнө төмөндөгүлөрдү камтыйт:

- айыл чарба эмес багыттагы жерлердин ижарасы үчүн акы дайындоо, мамлекеттик айыл-чарба фондунун жерлеринин ижара акысы, айыл четиндеги жайыттардын ижара акы жана муниципалдык менчикте турган жайлардын, имараттардын жана курулмалардын ижара акысы, жергиликтүү бюджетке жалпы контингенттен 100 % өлчөмүндө каралган;

- атайын каражаттар (ыктыярдуу ата-энелердин төлөмү, спонсордук жардам жана КРнын Өкмөтүнүн токтомуна ылайык мектепке чейинки мекемелерге материалдык техникалык базасын чыңдоо үчүн алынуучу акы) атайын эсепке 100,0% кириштелет;

- жер казынасын пайдалануу укугуна лицензияны кармоо үчүн акы 100% өлчөмдү ээлейт.

- г) Активдер (бекитилген жергиликтүү бюджеттин 0,0 %ды түзөт) өзүнө финансалык эмес активдерди сатуудан түшкөн кирешелерди камтыйт.

**Бюджеттин киреше жана чыгашаларынын жазылышынын, алардын өзгөрүшүнүн тууралыгына жана мыйзамдуулугуна аудит.**

Жергиликтүү бюджеттердин долбоорлору 2016-жылдын 16-майындагы №59 “Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексине” ылайык түзүлгөн.

Жергиликтүү бюджеттердин кийинки жылга долбоорлору ар жыл сайын 1-октябрга чейин кирешелер бөлүгүндө салыктык, салыктык эмес төлөмдөрдүн жана жыйымдардын бардык түрлөрү көрсөтүлүп, ал эми чыгашалар бөлүгү функционалдык жана экономикалык классификациялар боюнча КРнын финансы министрлигине берилет.

Аудитке камтылган мезгилде бюджеттин аткарылышынын жүрүшүндө бюджеттин киреше жана чыгаша бөлүгүнө өзгөртүүлөр жергиликтүү Кеңештердин отурумдарында каралып, тактамалардын негизинде жүргүзүлгөн.

Мындан сырткары Кеңештердин токтомдорунун негизинде жылдын башында калган каражаттар жана отчеттук мезгилге бюджетти аткаруунун жыйынтыгында кирешелердин чыгымдардан ашыкча аткарылышынын эсебинен кошумча каражаттар бөлүнгөн.

Жергиликтүү бюджеттердин долбоорлору 2016-жылдын 16-майындагы №59 “Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексине” ылайык түзүлгөн.

Жергиликтүү бюджеттердин кийинки жылга долбоорлору ар жыл сайын 1-октябрга чейин кирешелер бөлүгүндө салыктык, салыктык эмес төлөмдөрдүн жана жыйымдардын бардык түрлөрү көрсөтүлүп, ал эми чыгашалар бөлүгү функционалдык жана экономикалык классификациялар боюнча КРнын финансы министрлигине берилет.

Аудитке камтылган мезгилде бюджеттин аткарылышынын жүрүшүндө бюджеттин киреше жана чыгаша бөлүгүнө өзгөртүүлөр жергиликтүү Кеңештердин отурумдарында каралып, тактамалардын негизинде жүргүзүлгөн.

Мындан сырткары Кеңештердин токтомдорунун негизинде жылдын башында калган каражаттар жана отчеттук мезгилге бюджетти аткаруунун жыйынтыгында кирешелердин чыгымдардан ашыкча аткарылышынын эсебинен кошумча каражаттар бөлүнгөн.

**2022-жылдын** жергиликтүү бюджеттеринин жалпысы киреше жана чыгаша бөлүгү боюнча 148753,9миң сомго бекитилген.

Ал эми 2022-жылдын 1-январына калган калдык 130186,3 миң сом, анын ичинен 128523,3 миң сом бюджеттик каражаттар жана 1663,0 миң сом атайын каражаттар жергиликтүү Кеңештердин токтомдорунун негизинде бөлүштүрүлгөн.

2022-жылдын бюджетинин аткарылышынын жүрүшүндө бекитилген бюджеттин киреше жана чыгаша бөлүктөрүнө өзгөртүүлөр киргизилген. Жыйынтыгында жергиликтүү бюджеттер жалпысы 270141,1 миң сомго такталган, анын ичинде атайын каражаттар 19887,7 миң сомго аныкталган.

**Жергиликтүү бюджеттердин божомолунун түзүлүшүнө талдоо жана бюджеттин резервтерин аныктоо**

Ала-Бука району боюнча мамлекеттик салык башкармалыгынын 7-Н формасынын отчетунда **01.01.2022-жылга** төлөнбөгөн салык карыздарынын суммасы 88779,9 миң сомду түзгөн, анын ичинен:

- киреше салыгы – 12072,1 миң сом;
- пайдага салыгы – 10541,8 миң сом;
- кошумча нарк салыгы – 9587,3 миң сом;
- жер салыгы – 13346,5 миң сом ;

- кыймылсыз мүлккө салыгы – 1132,0 миң сом;
- кыймылдуу мүлккө салыгы – 10506,0 миң сом;
- жер казынасын пайдалануудан алынуучу салык 25675,5 миң сом;
- сатуудан алынуучу салык –1081,1 миң сом;
- кошумча нарк салыгы (ЕАЭС) –240,7 миң сом;
- башка салыктардан – 4596,6 миң сом.

01.01.2022-жылга салыштырмалуу, 01.01.2023-жылга карата төлөнбөгөн салык боюнча карыздар 73348,7 миң сомго азайган.

Төлөнбөгөн салыктар боюнча карыздардын өзгөрүүсүн ала турган болсок, 10 түрдүн 9 түрүнөн өткөн жылга салыштырмалуу жалпысы 74094,9 миң сомго салык карыздары азайса, 1 түрү боюнча жалпысы 746,2 миң сомго салык карыздары көбөйгөн.

**Бюджеттин кирешелер түзүмүнүн бекитилген параметрлерине салыштырмалуу бюджеттин аткарылышына аудит жана талдоо.**

**2022-жылга** салыктык кирешелер планы 309448,9 миң сомго такталган. Жылдын жыйынтыгы менен салыктык кирешелердин түшүүшү 330795,1 миң сомду түзүп, планга караганда 21346,2 миң сомго көп болгон же 106,9 %га аткарылган.

Салыктык эмес кирешелер 143171,4 миң сомго такталган. Жыл ичинде салыктык эмес кирешелердин жыйналышы 145836,3 миң сомду түзүп, планга салыштырмалуу 2664,9 миң сомго көп аткарылып, план 101,9 %ды түзгөн.

**Республикалык бюджеттен бөлүнгөн трансферттердин толук түшүүшүнө тадоо.**

**2022-жылы** республикалык бюджеттен алынган трансферттердин жалпы суммасы 52983,8 миң сомду түзгөн (жалпы бюджеттин көлөмүнүн 47,9%). Такталган пландын чегинде аткарылган. Анын ичинен:

- теңдештирүүчү грант 18455,7 миң сом;
- республикалык бюджеттен берилүүчү каражаттардын жалпы суммасы 34528,1 миң сом.Андан: Аппарат кызматкерлеринин эмгек акыларынын жогорулагандыгы боюнча айырмалар үчүн 20893,7 мин сом, маданият мекемелеринин кызматкерлеринин эмгек акыларынын жогорулагандыгы боюнча айырмалар үчүн 4672,4 мин сом, ыйгарым укуктарды өткөрүп берүү боюнча каржылоолор (статистерге) 3062,9 миң сом, ыйгарым укуктарды өткөрүп берүү боюнча каржылоолор (ГРС) 738,1 миң сом, салыктык кирешелердин ордун толтуруу (выпадение налог) 4643,3 мин сом, тоолуу аймактардагы абоненттердин пайдаланган электр энергиясы үчүн компенсацияларга 517,7 миң сом

**Дем берүүчү (үлүштүк) гранттардын каржыланышына жана пайдаланылышына аудит.**

**2022-жыл** аралыгында жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан жалпысы 11377,7 миң сомдук долбоорлор дем берүүчү (үлүштүк) гранттардын эсебинен каржыланып, ишке ашырылган. Анын ичинен: республикалык бюджеттен дем берүүчү (үлүштүк) гранттардын эсебинен 8478,6 миң сом, өздүк салымдар эсебинен 2899,1 миң сом.

Дем берүүчү (үлүштүк) гранттардын сарпталышын айылдык аймактар боюнча алсак:

- Өрүктү айыл өкмөтү боюнча 2 долбоорго 7757,5 миң сом,
- 1-Май айыл өкмөтү боюнча 1 долбоорго 2323,6 миң сом,
- Ак-Коргон айыл өкмөтү боюнча 1 долбоорго 1296,6миң сом

**2022-жылга жергиликтүү бюджеттин чыгашаларынын аткарылышынын функционалдык түзүлүшүнө аудит.**

**2022-жылы** жергиликтүү бюджеттин чыгаша бөлүгү атайын каражаттарды кошкондо такталган план 270141,1 миң сомду түзгөн. Ал эми кассалык аткарылганы 254044,3 миң сом болуп, такталган планга салыштырмалуу 16096,8 миң сомго аз же 94,%ды түзгөн. Мындан тышкары активдер боюнча бюджеттин чыгаша бөлүгүнүн такталган пландары 366191,6 миң сомду түзсө, кассалык аткарылышы 295161,6 миң сом болуп, такталган планга салыштырмалуу 71030,0 миң сомго аз же 80,6 %ды түзгөн.

**Жалпы багыттагы мамлекеттик кызматтар.**

2022-жылга жергиликтүү бюджеттин чыгымдары 93638,0 миң сомго такталган. Ал эми өздөштүрүлгөн сумма 86549,7 миң сомду түзүп, планга салыштырмалуу 7088,3 миң сомго аз болгон же 92,4 %га аткарылган. Активдер жана милдеттенмелердин такталган планы 69388,8 миң сом, чыгымдалганы 62064,2 миң сом, же 89,4 %га аткарылган.

**Жарандык коргонуу**

2022-жылга карата жергиликтүү бюджеттин чыгымдары 1472,3 миң сомго такталган. Ал эми өздөштүрүлгөн сумма 1399,2 миң сомду түзүп, планга салыштырмалуу 73,1 миң сомго аз болгон же 95,0 %га аткарылган.

**Экономикалык маселелер.**

2022-жыл үчүн такталган план 3006,5 миң сом болсо, бюджеттин чыгымдары 2674,9 миң сом же болбосо 331,6 миң сомго аз чыгымдалып, жеткирилген план 89%га аткарылган. Активдер жана милдеттенмелердин такталган планы 222,5 миң сом, чыгымдалганы 222,5 миң сом, же 100 %га аткарылган.

**Турак-жай жана коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр**

2022-жылы такталган план 81164,9 миң сом болсо, бюджеттин чыгымдары 79543,7 миң сом же болбосо 501,6 миң сомго аз чыгымдалып, жеткирилген план 98,0%га аткарылган. Активдер жана милдеттенмелердин такталган планы 288191,5 миң сом, чыгымдалганы 225591,2 миң сом, же 78,3 %га аткарылган.

**Эс алуу, маданият жана дин**

2022-жылы такталган план 20070,8 миң сом болсо, бюджеттин чыгымдары 18911,5 миң сом же болбосо 1159,3 миң сомго аз чыгымдалып, жеткирилген план 94,2%га аткарылган. Активдер жана милдеттенмелердин такталган планы 2053,5 миң сом, чыгымдалганы 2037,6 миң сом, же 99,2 %га аткарылган.

**Билим берүү.**

2022-жыл үчүн такталган план 63485,4 миң сом болсо, бюджеттин чыгымдары 58514,5 миң сом же болбосо 4970,9 миң сомго аз чыгымдалып, жеткирилген план 92,2%га аткарылган. Активдер жана милдеттенмелердин такталган планы 6335,3 миң сом, чыгымдалганы 5246,1 миң сом же болбосо 82,8 %га аткарылган.

**Социалдык коргоо.**

2022-жылга такталган план 8775,5 миң сом болсо, бюджеттин чыгымдары 7850,0 миң сом же болбосо 925,5 миң сомго аз чыгымдалып, жеткирилген план 89,5 %га аткарылган.

**Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын мындан мурдагы аудиттин жыйынтыгы боюнча жазма буйругунун аткарылышы**

2020-2021-жылдарга Ала-Бука районунун социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө талдоо жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын бюджетинин түзүлүшү жана аткарылышына аудит Кыргыз Республикасынын

Эсептөө палатасынын Ош шаары, Ош, Жалал-Абад жана Баткен областтары боюнча аймактык бөлүнүшүнүн аудиттик тобу тарабынан жүргүзүлүп, 2022-жылдын 8-августунда отчет түзүлгөн. Аудиттин жыйынтыгы менен жалпысы болуп 46653,7 миң сом каржылык бузуулар аныкталган, анын ичинен: акча каражаттардын жетишпестиги 24,6 миң сом, материалдык баалуулуктардын жетишпестиги 12,7 миң сом, каражаттарды сарптоодогу бузуулар жана кемчилдиктердин жалпы суммасы 5072,1 миң сомду түзгөн. Жогорудагы 5072,1 миң сомдун ичинен: эмгек акыларды негизсиз төлөөлөр 659,7 миң сомду, материалдык баалуулуктарды жана акча каражаттарын негизсиз чыгымдоолор 142,5 миң сомду, сапар чыгымдарына ашыкча төлөөлөр 109,6 миң сомду, курулуш иштеринин көлөмдөрүн жана бааларын негизсиз жогорулатуулар 2921,4 миң сомду, бюджеттик каражаттарды максатсыз пайдалануулар 25,0 миң сомду, дебитордук карыздарды жашыруулар жана кредитордук карыздарды негизсиз көбөйтүүлөр 1209,9 миң сомду, бюджетке кошумча эсептөөлөр 128,9 миң сомду жана социалдык фонддун бюджетине кошумча эсептөөлөр 220,4 миң сомду түзгөн.

Жогоруда аталган каржылык бузуулардан 4877,1 миң сом ордуна коюлууга тийиш болгон болсо, аудит жүрүшүндө 1936,9 миң сом ордуна коюлган. Ал эми ордуна коюлбаган сумма 2941,2 миң сомду түзгөн.

Каржылык бузуулардан сырткары 1775,1 миң сом бюджеттик жоготуулар жана резервдер аныкталган.

Ала-Бука районунун социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө талдоо жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын 2020-жылдын 1-январынан тартып 2021-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгындагы жергиликтүү бюджетинин түзүлүшүнө жана аткарылышына жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгы боюнча 2022-жылдын 1-ноябрында №01-12/525 жазма буйрук жөнөтүлгөн. Анда, ***Көк-Таш айыл өкмөтү боюнча:***

- жоопкерчиликке берилген акча каражаттарын негизсиз чыгымдоолор 102,1 миң сом;
- сапар чыгымдарын ашыкча төлөөлор 76,8 миң сом:
- курулуш иштерине кошуп жазуулар 2173,1 миң сом;
- дебитордук карыздарды бухгалтердик эсептен жашыруулар 39915,6 миң сом.

***Көк-Серек айыл окмөтү боюнча:***

- сапар чыгымдарын ашыкча төлөөлор 18,5 миң сом:
- курулуш иштерине кошуп жазуулар 266,6 миң сом;
- дебитордук карыздарды бухгалтердик эсептен жашыруулар 16,4 миң сом.

***Балтагулов айыл окмөтү боюнча:***

- курулуш иштерине кошуп жазуулар 12,0 миң сом;

***Өрүктү айыл окмөтү боюнча:***

- курулуш иштерине кошуп жазуулар 200,0 миң сом.

***Ак-Там айыл окмөтү боюнча:***

- курулуш иштерине кошуп жазуулар 320,0 миң сом.

***Ала-Бука айыл окмөтү боюнча:***

- материалдык баалуулуктарды жана акча каражаттарын негизсиз чыгымдоолор 12,0 миң сом;
- курулуш иштерине кошуп жазуулар 3526,9 миң сом.

***“Ала-Бука тазалык”муниципалдык ишканасы боюнча:***

- күйүүчү майларды ченемден ашыкча чыгымдоо 4,7 миң сом.

***“Ала-Бука водоканал”муниципалдык ишканасы боюнча:***

- күйүүчү майларды ченемден ашыкча чыгымдоо 8,0 миң сом каржылык бузууларды ордуна коюу жана аудиттин жыйынтыгы менен тийиштүү чараларды кабыл алуу белгиленген.

Аудиттин жыйынтыгы боюнча көрүлгөн чаралар жөнүндө КРнын Финансы министирлигинин Ала-Бука финансы башкармалыгы тарабынан 2022-жылдын 25-ноябрында №01-07/123 каты жөнөтүлгөн. Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Ош шаары, Ош, Жалал-Абад жана Баткен облустары боюнча аймактык бөлүнүшүнө жиберилген кат боюнча:

- “Көк-Таш” айыл өкмөтү боюнча 42267,6 миң сомдук каржы бузуулардын 3014,7 миң сому өндүрүлүп, калганы өндүрүлгөн эмес;
- Ала-Бука айыл өкмөтү бюнча 3539,9 миң сомдук каржы бузуулардын 476,0 миң сому өндүрүлүп, калганы өндүрүлгөн эмес;
- Көк-Серек айыл өкмөтү бюнча 301,5 миң сомдук каржы бузуулардын бардыгы ордуна коюлган;
- Ак-Там айыл өкмөтү бюнча 320,0 миң сомдук курулуш иштери аткарылган;
- Өрүктү айыл өкмөтү бюнча 200,0 миң сомдук курулуш иштери аткарылган. Ал эми өнбөй жаткан ижара акыларды айыл өкмөттүн бюджетине өндүрүү боюнча жумуштар жүргүзүлүп жаткандыгы билдирилген.

Калган аудит объектилеринде жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыктары боюнча жазылган отчёттордо, мурдагы аудиттин жыйынтыктары боюнча көрүлгөн чаралардын толук жана туура экендин тастыкталган.

Калган аудит объектилеринде, мурдагы жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыктарынын негизинде көрүлгөн чаралар толук жана туура экендиги тастыкталды.

## ЖЫЙЫНТЫК:

Жалал-Абад областынын Ала-Букарайонунун жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын 2022-жылдын 1-январынан 31-декабрына чейинки мезгил аралыгындагы бюджеттин түзүлүшүнө жана аткарылышына жүргүзүлгөн шайкештик аудиттин жыйынтыгы боюнча жалпы **126343,1 миң. сомдук** финансылык четтөөлөр (бузуулар) аныкталды, анын ичинен ордуна коюлууга тийиш болгон финансылык бузуулар **124905,0 миң сом**, аудит учурунда ордуна коюлганы **62976,5 миң** сом, андан тийиштүү бюджетке калыбына келтирилген сумма 6861,3 миң сом, тийиштүү мекемелерге калыбына келтирилген сумма 56115,1 миң сом, ордуна коюлбаганы **61928,5 миң сом**, бузуулардын классификатору боюнча:

- **(110105)** Бюджеттик мыйзамдын талаптарына бюджет долбоорунун туура келбеши (киреше булагын туура эмес пландоо) **780,0миң сом,** толук ордуна коюлууга тийиш, ордуна коюла элек.
- **(210201) –** Бюджетке төлөмдөрдү эсептөөнүн тууралыгы, толуктугу жана өз учурунда төлөнүшү боюнча, алар боюнча туумдардын жана айып пулдарды эсептөө жана төлөө боюнча контролду жүргүзүү боюнча чаралардын көрүлбөшү (бюджетке жана СФ кошумча эсептөөлөр) **255,6миң сом**, толук ордуна коюлууга тийиш, аудит учурунда **219,8 миң** сом ордуна коюлган, **35,8 миң** сом ордуна коюлган жок;

- **(210305)** Бюджетке милдеттүү төлөмдөрдү чегербөө же толук эмес чегерүү **(**Салыкка, СФ кошумча эсептөөлөр) **1850,4 миң сом,** толук ордуна коюлууга тийиш, аудит учурунда **1665,0 миң сом** бюджетке, **68,4 миң сом** мекемеге калыбына келтирилген, **117,0 миң** сом ордуна коюлган жок;

**-(230101)** бюджеттик сметада көргөзүлбөгөн чыгымдар **19,0 миң сом** ордуна коюлууга жатпайт.

- **(230207)** – курулуш иштеринин көлөмун жана баасын негизсиз жогорулатуу жалпы **47563,0 миң** сом, толук ордуна коюлуууга тийиш, аудит учурунда **17360,8 миң** сом ордуна коюлган, **30202,2 миң сом** ордуна коюлган жок;

- **(230299)** капиталдык салымдарды сарптоодогу жана курулуш иштерин аткаруудагы башка бузуулар – **20808,3 миң сом**, толук ордуна коюлууга тийиш, ордуна коюлган жок;

- **(230303)** эмгек акынын нормадан ашыкча төлөнүшү **40,0 миң** сом, ордуна коюлууга жатпайт;

- **( 230305)** Товардык материалдык баалуулуктардын нормадан ашыкча чыгашалары **49,1 миң** сом, ордуна коюлууга жатпайт;

- **(310104)-** Негизги каражаттардын кириштөө тартибин бузуу, белгиленген тартипте бухгалтердик эсепке алынбай калган, кириштелбеген мамлекеттик (муниципалдык) мүлктөрдүн болушу **37581,8миң** сом, толук ордуна коюлууга тийиш, аудит учурунда 37495,2 миң сом ордуна коюлган, 86,6 миң сом ордуна коюлган жок;

- **(310105)** – Мамлекеттик (муниципалдык) мүлктүн жана мамлекеттик акча каражатынын кем чыгышы (бузулушу, жоголушу, уурдалышы) **592,5** миң сом, толук ордуна коюлууга тийиш, аудит учурунда толук ордуна коюлган, андан, 143,0 миң сом бюджетке, 449,5 миң сом мекемеге калыбына келтирилди;

- **(310106)** – Тастыктоочу документтери жок туруп, мүлктү жана товардык материалдык баалуулуктарды эсептен чыгаруу жана мамлекеттик (муниципалдык) мүлктү мыйзамга ылайыксыз эсептен чыгаруу **5210,0 миң** сом, толук ордуна коюлууга тийиш, аудит учурунда толук ордуна коюлган, анын ичинен: бюджетке **4653,0** миң сом, мекемеге **557,0** миң сом;

- **(310301)** Мүлктү пайдалануудагы бузууларга кирбеген бузуулар (муниципалдык жерлерди менчикке жана ижарага негизсиз берүү) **10206,6 миң** сом, анын ичинен ордуна коюлууга тийиш болгон сумма **8876,6** миң сом,ордуна коюлган жок;

- **(410204)** Бухгалтердик эсепти жүргүзүүнүн талаптарын бузуу менен отчет берүү **22,0 миң** сом, толук ордуна коюлууга тийиш, ордуна коюлган жок;

- **(410205)** Эмгек акы,сапар чыгымы жана башка чыгымдарга төлөөдөгү бузуулар, ашыкча төлөөлөр **364,8 миң** сом, толук ордуна коюлууга тийиш, аудит учурунда толук ордуна коюлду, анын ичинен бюджетке **180,5 миң** сом, мекемеге **184,4 миң сом**;

- **(410215)** Дебитордук карызды бухгалтердик эсепке алуудагы бузуулар **1000,0 миң сом,** толук ордуна коюлууга тийиш, ордуна коюлган жок.

**Анын ичинен жергиликтүү өз-алдынча башкаруу органдары жана муниципалдык, бюджеттик мекемелер боюнча төмөндөгүлөр аныкталды:**

**1. Ала-Бука райондук мамлекеттик администрациясы боюнча** (Администрация башчысы-аким К.Чаргынбаев, башкы бухгалтери А. Бийгелдиев).

**Табуу 1. 1.** Ала-Бука райондук мамлекеттик администрациясында : Аудит жүрүшүндө командировкалык чыгымдарды жабуу боюнча карап чыкканда

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 26 августундагы № 471 чыккан токтомунун негизинде тандалма жол менен аудит өткөргөн убакта күнүмдүк чыгымдардан 11,8 миң сом ашыкча төлөө фактысы аныкталды.Ордуна коюлду.

**Сунуш 1.1.** Сапар чыгымдарын төлөө, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 26-август 2008-жылдагы №471 “Кызматтык сапар чыгымдардын ченемдерин белгилөө жана алардын ордун толтуруунун тартиби” жөнүндөгү токтому менен бекитилген ченемдерге ылайык жүргүзүлсүн.

**2. КРнын финансы министрлигинин Ала-Бука финансы башкармалыгы (**Башчысы Н.Дыйканбаев, финансы экономика бөлүмүнүн башчысы-башкы бухгалтер З. Мырзаканов.) .

***Табуу 1.1*** Кызматкерлердин эмгек акысына компенсация кошуп төлөөдө, сапарда жүргөн күндөрү кошулуп мекеменин эсепчиси Мырзакановго 2,0 миң сом, мекеменин башчысы Дыйканбаевге 2,1 миң сом, финансы-бюджеттик координациалоо секторунун башчысы Назаралиевге 1,3 миң сом, баардыгы болуп **5,4 миң сом** ашыкча компенсация төлөнүп берилгендиги аныкталды. Аудиттин жүрүшүндө, 2023-жылдын 05-октябрындагы №380700071 банктык дүмүрчөктүн негизинде бюджетке кайтарылды.

**Сунуш 1.1** Мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлерге эмгек акысына компенсация төлөөдө, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдагы 1-августундагы №266 “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик, муниципалдык кызматкерлеринин эмгек акысын төлөө шарттары” жөнүндөгү Жарлыгынын талаптары аткарылсын.

**3.Ала-Бука айыл өкмөтү** (айыл өкмөт башчысы С. Койчумбаев, финансы экономика бөлүмүнүн башчысы М. Исманов).

**Табуу 1.1.** Кызматкерлердин эмгек акысына компенсация кошуп төлөөдө, сапарда жүргөн күндөрү кошулуп айыл өкмөттүн башчысы С. Койчумбаевке 6,1 миң сом, айыл өкмөттүн башчысынын орун басары Н. Аскаровко 2,0 миң сом, башкы адис Э. Карабаевке 2,0 миң сом, адис П. Орунбаевага 1,0 миң сом, башкы адис К. Юлдашевага 1,0 миң сом, адис Сатибек кызы А 0,3 миң сом, башкы адис С. Кудайбердиевке 1,0 миң сом, башкы адис Г. Рыскуловага 1,0 миң сом, жетектөөчү адис А. Музаффаровко 1,0 миң сом, баардыгы болуп **16,4 миң сом** ашыкча компенсация төлөнүп берилгендиги аныкталды. Аудиттин жүрүшүндө, 2023-жылдын 06-октябрдагы №1,2,3,4,5,6,7,8,9,10 кассалык дүмүрчөктөрүнүн негизинде бюджетке кайтарылды.

**Сунуш 1.3.** Мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлерге эмгек акысына компенсация төлөөдө, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдагы 1-августундагы №266 “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик, муниципалдык кызматкерлеринин эмгек акысын төлөө шарттары” жөнүндөгү Указын менен белгиленген шарттар, талаптар аткарылсын, ашыкча төлөөлөргө жол коюлбасын.

**Табуу:2.1.** 2022-жылдын 1-январына карата ата-энелердин балдардын тамак-ашы үчүн төгүмдөрүнөн 347.3 миң сом карызы калган.2022-жылда 5602,8 мин сомдук ата-энелердин балдардын тамак-ашы үчүн төгүмдөрү эсептелип жыл ичинде 5500,6 мин сому атайын төлөм каражаты эсебине төгүлгөн. 2023-жылдын 1-январына карата ата-энелердин балдардын тамак-ашы үчүн төгүмдөрүнөн 449,5 миң сом карыз төмөнкү бала бакчалардан калган:

Наристе бала бакчасы 103,5 миң сом

1. Жоогазын бала бакчасы 90,5 миң сом

2. Келечек бала бакчасы 83,5 миң сом
3. Алтын бала бакчасы 41,2 миң сом
4. Күнчубак бала бакчасы 105,1 миң сом
5. Достук бала бакчасы 13,0 миң сом
6. Жылдызча бала бакчасы 12,7 миң сом.

Аудит учурунда **449,5 миң сом** акча каражаты ата-энелерден алынып бирок айыл өкмөтүн атайын эсебине төгүлбөй жүргөндугү аныкталды. Аудит учурунда ар бир жооптуу кызматкерден өндүрүлүп айыл өкмөтунүн атайын эсебине кайтарылды..

**Сунуш 2.3.** Жетишпестикке жол берген тийиштүү жооптуу кызматкерлердин жоопкерчилиги мыйзам чегинде каралсын жана чаралар көрүлсүн. Бухгалтердик документтерди жүргүзүү Кыргыз Республикасынын Финансы министринин 2018-жылдын 25-декабрындагы №137 буйругу менен бекитилген мамлекетти башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансалык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча жобонун талаптарына ылайык жүргүзүлсүн

Ата-энелердин балдардын тамак-ашы үчүн төгүмдөрү ай сайын эсептелип атайын төлөм каражаты счетуна өз убагында төгүлүшү камсыз кылынсын.

**Табуу:3.1.** Ала-Бука айыл өкмөтү тарабынан 2022-жылдын 5-апрелиндеги №29 ишеним каттын негизинде башкы адис С. Кудайбердиев Ала-Бука райондук ветеринардык башкармалыгынан 2022-жылдын 5-апрелиндеги №1 накладноюнун негизинде баасы 21,7 миң сомдон жалпы 4-даана баасы **86,8 миң** сомдук жылкылардын чибин окуучу сканер алынган. 2022-жылы жалпы баасы 86,8 миң сомдук материалдык баалуулуктар айыл өкмөтүнө киришгелген эмес. Материалдык баалуулуктарды төмөнкү жеке ветврачтар П. Турсунов, П. Кудайбердиев, Д. Назарматов,жана А. Турсунбаевтер тарабынан пайдаланып келгендиги аныкталды.

**Сунуш.3.3**

1.Берилген ишеним каттар көзөмөлгө алынсын.

2.Ишеним каттын негизинде алынган **86,8 миң** сомдук материалдык баалуулуктар башкы эсепчи тарабынан айыл өкмөткө киришгелип балансқа алынсын.

3. Кыргыз Республикасынын Каржы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы №137 сандуу буйругу менен бекитилген “Кыргыз Республикасында ишкердик субъекттери, коммерциялык эмес уюмдар тарабынан бухгалтердик эсептин жана каржылык отчеттуулуктун жүргүзүлүшүнүн маселелери жөнүндөгү” жобонун талаптары сакталсын.

**Табуу: 4.1.** Инвентаризация мезгилинде Ала-Бука айыл өкмөтүнүн аймагындагы мектеп жана бала бакчалардын жүгүртүлүүчү каражаттарынын эсебинен 2,5 миң сом жетишпестик аныкталды. Аудиттин жүрүшүндө 2,5 миң сом бюджет счетуна төлөндү.

**Сунуш: 4.3.** Материалдык баалуулуктардын эсебин жургузүүдө, Кыргыз Республикасынын Каржы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы №137 сандуу буйругу менен бекитилген “Кыргыз Республикасында ишкердик субъекттери, коммерциялык эмес уюмдар тарабынан бухгалтердик эсептин жана каржылык отчеттуулуктун жүргүзүлүшүнүн маселелери жөнүндөгү” жобонун талаптары сакталсын.

**Табуу, тыянак. 5.1.** Ала-Бука айыл өкмөтүнүн кайра бөлүштүрүү фондунун жерлерине аудит жүргүзгөндө төмөнкүлөр аныкталды: Ала-Бука айыл өкмөтүнүн

жер адистери Аширов Турдалы Парпиевич жана Юлдашев Кадыржан Каримжановичтерде кайра бөлүштүрүү фондунун жерлерине ижарага берүүчү менен ижарачынын ортосунда түзүлгөн ижара келишимдерин каттоо китеби жок, кайра бөлүштүрүү фондунун жерлерине түзүлгөн келишимдер толук эмес.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2007-жылдын 22-июнундагы №243токтому менен жактырылган Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлерин ижарага берүү шарттары жана тартиби тууралуу ТИПТҮҮ ЖОБОнун 5-бөлүмүнүн 79-бөлүмчөсүндө **Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жер участкасын ижарага алуу укугун берүүнүн түрүнө (тоорук, түз берүү) карабастан айыл өкмөтү ижарачы менен жазуу түрүндө бирдей күчкө ээ үч нускада жер участкасын ижаралоо келишимин түзөт -** деп көрсөтүлгөн.

Үч нускада түзүлгөн келишимдин 1-нускасы ижарага берүүчүдө, экинчиси ижарачыда үчүнчү нускасын мамлекеттик кыймылсыз мүлкө укуктарды каттоо органдарында каттодон өтүүгө тийиш. Ала-Бука айыл өкмөтүндө ижарага берүү тууралуу келишимдер толук болбогондуктан аудит учурунда ижарачынын өзүндө болгон ижара келишимдери алып көчүрмөлөндү жана төмөнкүлөр аныкталды:

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2001-жылдын 18-августундагы № 461 токтому менен бекитилген “Кайра бөлүштүрүү фондунун айыл чарба багытындагы жерлерин ижарага берүүнүн шарттары жана тартиби жөнүндө типтүү Жобонун” жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2007-жылдын 22-июнундагы № 243 токтому менен жактырылган “Кайра бөлүштүрүү фондунун айыл чарба багытындагы жерлерин ижарага берүүнүн шарттары жана тартиби жөнүндөгү типтүү Жобонун” шарттары, талаптары аткарылбастан, 2002-2004-жылдар аралыгында (Ала-Бука айыл өкмөтүнүн 2003-жылдын 4-июлундагы №130 буйругу жана Ала-Бука айылдык Кеңешинин 2003-жылдын 11-июлундагы №9/6 токтомуна таянып чыгарылган башка буйруктардын негизинде), 16 учурда 13,33 га көп жылдык бак-дарактарды 49 жылдык мөөнөткө ижара акысыз же шарттуу баа коюу менен берилген.

Кээ бир келишимдерде көргөзүлгөн эмес бирок айыл өкмөтүнүн жер адистеринин берген маалыматы боюнча айылдык кеңештин токтомунун негизинде ижара акы алынган. 2004-2022-жылдар аралыгындагы жогрудагы көрсөтүлгөндөй шарттарда берилген 13,33 га көп жылдык бак дарактын ижара акысын суммасын комиссия тарабынан, ошол убактагы көп жылдык бак-дарактар үчүн белгиленген ижара акынын эң аз суммасы менен эсептегенде, жалпы **1330,0 миң** сомго айыл өкмөтүнүн бюджеттине жоготуу болгондугу аныкталды. Аталган 16 учурдагы ижара акысы төөнбөй пайдаанылган 16 учурга өзүнчө орто аралык акт түзүлдү.

**Сунуш**. 5.1. Ала –Бука айыл өкмөтүнүн мамлекетик фондуна караштуу сугат айдоо, көп жылдык бак дарактар, чөп жайыт, кайрак ж.б жерлеринин максаттуу пайдаланылышын тактоо үчүн, кайрадан эсептен өткөрүү иштери жүргүзүлсүн.

Ала-Бука айыл өкмөтүнүн мурдакы башчылары тарабынан мамлекеттик фондунун жерлеринин 49 жылга ижарага берилүүсүнүн мыйзамдуулугун аныктоо максатында, аудиттин материалдарды мыйзамдуулуктун сакталышын көзөмөлдөөчү тийиштүү мамлекеттик органга берилүүсү зарыл.

**Табуу, тыянак. 6.1.**

1. Ала-Бука айыл өкмөтунүн мамлекеттик жер фондусунун эсебиндеги жерлерди максаттуу пайдалануусуна жүргүзүлгөн аудитте төмөнкүлөр аныкталды:

Ала-Бука районунун мамлекеттик админстрациясынын 1999-жылдын 15-февралындагы №265-Б буйругунун негизинде, Ала-Бука айыл өкмөтүнүн мамлекеттик кайра бөлүштүрүү фондунан 2,62га га жер аянтын Достук айылынын тургуну Турдалиев Кубанычбек тарабынан түзүлгөн "Терек" фермердик чарбасына сүт товар ферма уюштуруу үчүн туруктуу пайдаланууга берген жана АБ №00059 Мамлекеттик Акт берилген.

Кыргыз Республикасынын Айыл Чарба Министрлигине караштуу Жер Ресурстары Кызматынын "Кадастр" Мамлекеттик Мекемесинин Ала-Бука филиалы тарабынан берилген маалыматтарга караганда, Жерди туруктуу пайдалануу үчүн Турдалиев Кубанычбектин "Терек" фермердик чарбасына берилген АБ сериясындагы 00059сандуу "Мамлекеттик АКТысы", Кыргыз Республикасынын Айыл Чарба Министрлигине караштуу Жер Ресурстары Кызматынын "Кадастр" Мамлекеттик Мекемесинин Ала-Бука филиалында катталган эмес. Аталган мекеменин ("Кадастр") 2023-жылдын 6-октябрындагы № 01-1/256 билдирүүсүнө ылайык, жогорудагы жер аянты Ала-Бука айыл өкмөтүнүн мамлекеттик фондунун №246 контурундагы бак аянттарына кирет. Тактап айтканда, Достук айылына караштуу Кара-Сай участкасынан 2,62га жер аянты Ала-Бука айыл өкмөтүнүн кайра бөлүштүрүү фондунун көп жылдык бак дарактар категориясындагы жерине кирет жана Турдалиев Кубанычбек тарабынан түзүлгөн "Терек" фермердик чарбасына сүт товар фермасынын менчигине катталган эмес.

**2.** Ала-Бука райондук мамлекеттик админстрациясынын 2000-жылдын 8-майындагы №667-"Б" буйругу менен Достук айылынын тургуну А. Хусанбаевага Банктарды кайрадан уюштуруу жана карыздарды реструкташтыруу агентствосунан сатып алгандыгына байланыштуу 0,85га бак жерине укук берүүчү мамлекеттик акт берүүгө уруксат берилген.

1997-жылдын 1-августунда Ибн-Сино фермер чарбасы менен Банктарды кайрадан уюштуруу жана карыздарды реструкташтыруу агентствосунун ортосунда

1) Кашар 1988-жылы курулган-4170 сом
2) Тоокана 1988-жылы курулган -3820сом
3) Жашоочу үй 1987-жылы курулган 2317сом. Баары 10307сомдук негизги каражаттарды өткөзүп алуу актысы түзүлгөн.

1997-жылдын 1-августунда Ибн-Сино фермер чарбасы менен Агро өнөр жай Банкынын Ала-Бука бөлүмүнүн күрөө келишиминде Откорма участкасындагы кашар баардык курулуштары менен жана 0,80га участогу да күрөөгө коюлган.

Бирок Ала-Бука районунун мамлекеттик нотарису Д. Ханбабаевдин тастыктоосундагы сатып алуу келишими 1999-жылдын 12-майында каттоо реестрине №244 катталган жана 1999-жылдын 13-майында ОШ областык БТИсинин каттоо китебине №404 катталган жана, катар №60 болгон (көчүрмөсү тиркелет). **Катталган келишимде 0,85га жер аянты көргөзүлгөн эмес.**

Кыргыз Республикасынын Айыл Чарба Министрлигине караштуу Жер Ресурстары Кызматынын "Кадастр" Мамлекеттик Мекемесинин Ала-Бука филиалы тарабынан берилген маалыматтарга караганда, Жерди туруктуу пайдалануу үчүн Хусанбаева Аямханга берилген АБ сериясындагы 000119 сандуу "Мамлекеттик АКТсы", Кыргыз Республикасынын Айыл Чарба Министрлигине караштуу Жер Ресурстары Кызматынын "Кадастр" Мамлекеттик Мекемесинин Ала-Бука филиалында катталган эмес. Кыргыз Республикасынын Айыл Чарба Министрлигине караштуу Жер Ресурстары Кызматынын "Кадастр" Мамлекеттик Мекемесинин Ала-Бука филиалынын 2023-жылдын 6-октябрындагы № 01-1/256

билдирүүсүнө ылайык, жогорудагы жер аянты Ала-Бука айыл өкмөтүнүн мамлекеттик фондунун № 246 контурундагы бак аянттарына кирет.

**3**. Ала-Бука айыл өкмөтүнүн 2001-жылдын 10-февралындагы №16-а чечими менен **Достук айылынын тургуну Ниязматов Рахмидинге өзү өздөштүргөн 1,0га жерин пайдаланууга** макулдук берилген(жеке менчикке берилген эмес). Ала-Бука райондук мамлекеттик админстрациясынын 2001-жылдын 25-апрелинденги №562-“Б” буйругунун негизинде Достук айылынын тургуну Ниязматов Рахмидинге Достук айылынын “Эшме” участкасындагы 1,0га жер аянтын өзү бак тигип өстүргөндүгү үчүн жеке менчик пайдаланууга укук берүүчү мамлекеттик акт берүүгө уруксат берилген. Бирок жердин бонитетин аныктап ал жер асылдуулугу төмөн айыл чарба жерине кирүүсүн аныктаган тийиштүү мекемелердин корутундусу көргөзүлгөн эмес.

Жерди инвентаризациялап жана жер аянтына тиешелүү иш кагаздарын даярдап, жер участогуна болгон жеке менчик укугу жөнүндөгү мамлекеттик Акт жагы Райжеркаттообашкармасына (З. Боронбековко) милдеттендирилген.

Ала-Бука райондук мамлекеттик Админстрациясынын 2001-жылдын 25-апрелиндеги №562-Б сандуу буйругунун негизинде, Ала-Бука районунун Ала-Бука айыл өкмөтүнүн Достук айылынын Эшме Сай участкасынан өзү өздөштүргөн 1,0га жер аянтын Достук айылынын тургуну Ниязматов Рахмидинге туруктуу пайдаланууга АБ №000271сандуу Мамлекеттик Акт берилген. Акт жерди пайдалануу укугуна карата Мамлекеттик акты жазуу китебинде каттоо №....көргөзүлгөн эмес.

Достук айылынын тургуну Ниязматов Рахмидинге жерди туруктуу пайдаланууга берилген АБ №000271сандуу Мамлекеттик АКТысы Кыргыз Республикасынын Айыл Чарба Министрлигине караштуу Жер Ресурстары Кызматынын “Кадастр” Мамлекеттик Мекемесинин Ала-Бука филиалында катталган эмес. Кыргыз Республикасынын Айыл Чарба Министрлигине караштуу Жер Ресурстары Кызматынын “Кадастр” Мамлекеттик Мекемесинин Ала-Бука филиалынын 2023-жылдын 6-октябрындагы № 01-1/256 билдирүүсүнө ылайык, жогорудагы жер аянты Ала-Бука айыл өкмөтүнүн мамлекеттик фондунун № 246 контурундагы бак аянттарына кирет

**Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексинин 24-статьясынын 2-пунктуна ылайык**, жер участоктору, жер байлыктарынын участоктору, өзгөчөлөнгөн суу объектилери жана жер менен бекем байланышта болгондордун бардыгы, башкача айтканда алардын багытына өлчөмсүз зыян келтирбей туруп жылдырууга болбогон объектилер, анын ичинде токойлор, көп жылдык бак-дарактар, имараттар, курулуштар жана башкалар кыймылсыз буюмдарга (**кыймылсыз мүлк**, кыймылсыз нерселер) таандык кылынат.

**Кыймылсыз мүлккө** менчик укугу жана башка буюмдук укуктар, бул укуктарды чектөө, алардын пайда болушу, башка бирөөгө өтүшү жана токтолушу бирдиктүү мамлекеттик реестрде **мамлекеттик каттоодон өтүүгө тийиш.**

**Сунуш 6.1.** Ошол себептүү, жогоруда көрсөтүлгөн үч учурдагы жалпы 4,47 га жер аянтынын жеке менчикке туруктуу пайдаланууга берилген мамлекеттик актынын аныктыгын жана аталган жер аянтынын менчикке туруктуу пайдаланууга берилүүсүнүн мыйзамдуулугун аныктоо максатында, аудиттин материалдарын мыйзамдуулуктун сакталышын көзөмөлдөөчү тийиштүү мамлекеттик органга берилүүсү зарыл.

**Маалымат үчүн:** Айыл өкмөтү тарабынан түзүлгөн комиссия азыркы учурдагы көп жылдык бак дарактын орточо баасы менен эсептегенде, жалпы 4,47 га жерди менчикке берүүдөн түшө турган акы **6705,0 миң** сомдон кем эмес каражатты түзөт.

Мындан сырткары 49-жылга ижарага берилген көп жылдык бак-дарактардан төмөнкү ижарачылардын: 1.Тураббаев. Шавкат, 2.Хайдаров Элдар, 3.Юлдашев Марипжан, 4.Юлдашев Закиржан келишимдерин айыл өкмөтүнүн жер адистери көргөзө албагандыктан аудитке камтылган жок.

**Табуу, тыянак. 7.1.** Ала-Бука айыл өкмөтүнүн 2022-жылдын 1-январынан тартып 31-декабрына чейинки мезгил аралыгындагы капиталдык курулуш, утурумдук жана капиталдык оңдоо иштерине сарпталган бюджеттик жана башка каражаттардын максаттуу пайдаланылышы жана туура өздөштүрүшүнө жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгында жалпысы болуп **1613,7 миң** сомдук кошуп жазуулар аныкталып, аудиттин журүшүндө **379,7** миң сом мекемеге калыбына келтиилди, **1234,0** миң сом ордуна коюлган жок.

**Сунуш. 7.1.**

1. Ала-Бука районунун Ала-Бука айыл өкмөтүндө, аудит убагында өндүрүлбөй калган капиталдык оңдоо, курулуш иштериндеги **1234,0 миң сомдук** кошуп жазууларды төмөнкү подрядчылардан:

- "Амазон Групп" ЖЧКсы тарабынан 19,1 миң сом;
- "Мега Нур" ЖЧКсы тарабынан 39,7 миң сом;
- "Байсал Инвест" ЖЧКсы тарабынан 29,1 миң сом;
- "Тынч-Жыл" ЖЧКсы тарабынан 170,3 миң сом;
- "Каса Строй" ЖЧКсы тарабынан 15,5 миң сом;
- "Ай-Кут Строй" ЖЧКсы тарабынан 16,1 миң сом;
- "Ашар-Топ" коомдук бирикмеси тарабынан 76,0 миң сом, жалпы **365,8 миң сом** бюджетке кайтарылсын.

«Мискен-Курулуш» ЖЧКсы тарабынан аткарылбай калган **868,2 миң** сомдук жумуштар тарабынан аткарылсын.

Ордуна коюлган суммалар боюнча тийиштүү тараптар менен өз ара эсептешүү актылары (акт сверка) түзүлүп, бухгалтердик эсепке тийиштүү өзгортүүлор киргизилсин.

2. Аткарылган иштерди кабыл алууда Кыргыз Республикасынын "Шаар куруу жана архитектура жөнүндө" мыйзамынын талаптары аткарылсын. Аткарылган курулуш иштерин кабыл алууда кошуп жазууларга жол берген техникалык көзөмөл жана башка жооптуу кызматкердин жоопкерчилиги мыйзам чегинде каралсын.

**4. Ак-Там айыл өкмөтү (башчысы Камчыбеков Мирланбек Мамырбекович, экономикалык бөлүмүнүн башчысы Көчөрбаев Хуснидин Усенбаевич.).**

**Табуу 1.1.** Кызматкерлердин эмгек акысына компенсация кошуп төлөөдө, сапарда жүргөн күндөрү кошулуп айыл өкмөттүн эсепчи кассири Токтокозуевге 5,3 миң сом, айыл өкмөттүн башчысынын орун басары Кудайбердиевага 4,6 миң сом, финансы-экономика бөлүмүнүн башчысы Көчөрбаевге 3,5 миң сом, жооптуу катчысы Момуновага 4,5 миң сом, соц адис Чотбаевага 1,0 миң сом, салык кызматчысы Дүйшебаевге 3,7 миң сом,айыл өкмөт башчы Камчыбековго 5,9 миң сом, экономист -статисти Мавляновго 2,0 миң сом, жетектөөчү адис Абдиллаевге 3,6 миң сом, айыл башчы Мадраимовго 0,9 миң сом, айыл өкмөттүн адиси

Бекболот уулу Бектурга 1,9 миң сом, баардыгы болуп **36,9 миң сом** ашыкча компенсация төлөнүп берилгендиги аныкталды. Аудиттин жүрүшүндө, 2023-жылдын 11-августундагы № 21,57,59,217,219,221 банктык дүмүрчөктөрүнүн негизинде бюджетке кайтарылды.

**Сунуш 1.1** Мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлерге эмгек акысына компенсация төлөөдө, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдагы 1-августундагы №266 "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик, муниципалдык кызматкерлеринин эмгек акысын төлөө шарттары" жөнүндөгү Жарлыгынын 4- пунктуна ылайык жүргүзүлүп, мындан ары ашыкча төлөөлөргө жол коюлбасын.

**Тыянак 1.2**. Эмгек келишими менен иштеген 10 жумуш аткаруучуга төлөнүп берилген эмгек акыдан, Кыргыз Республикасынын 2022-жылдын 18-январындагы №3 салык кодексинин 185 статьясы, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 17-июнундагы №385 "Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүн эсептөөнүн жана төлөөнүн тартиби" жөнүндөгү нускаманын талаптары аткарылбай, 36,3 миң сом киреше салыгына жана социалдык төлөмгө 40,3 миң сом,17,25% социалдык төлөмгө 69,6 миң сом, жалпы **146,2 миң сом** кармалбай калгандыгы аныкталып, аудит жүрүшүндө, көрүлгөн чаралардын негизинде жогорудагы төлөмдөр эсептелип,2023-жылдын 12-сентябрындагы №495 төлөө тапшырмасы менен 36,3 миң сом киреше салыгына, №494 сандуу төлөө тапшырмасы аркылуу (8+2) социалдык төлөмгө 40,4 миң сом, №493 төлөө тапшырмасы аркылуу 69,6 миң сом 17,25% социалдык төлөмгө,жалпы **146,3 миң сом** которулуп, калыбына келтирилди.

**Сунуш 1.3**. Келишим менен жумуш актkаруучуларга эмгек акы төлөөдө**,** Кыргыз Республикасынын 2022-жылдын 18-январындагы №3 салык кодексинин 185 статьясы, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 17-июнундагы №385 "Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүн эсептөөнүн жана төлөөнүн тартиби" жөнүндөгү нускаманын талаптарын аткарууга алуу менен киреше салыгы, социалдык төлөмдөрү өз убагында кармалып, тийиштүү бюджетке которулуп турсун, мындан ары кемчиликтерге жол коюлбасын. Кемчиликтерге жол койгон кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын.

**Табуу, тыянак 1.4.** Ак-Там айыл өкмөтүнүн 2022-жылдын 1-январынан тартып 31-декабрына чейинки мезгил аралыгындагы капиталдык курулуш, утурумдук жана капиталдык оңдоо иштерине сарпталган бюджеттик жана башка каражаттардын максаттуу пайдаланылышы жана туура өздөштүрүшүнө жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгында жалпысы болуп **361,7 миң** сомдук кошуп жазуулар аныкталды. Аудиттин жүрүшүндө подрядчы «Эрэдан» ЖЧКсынын аткарган иштерден кысткартуу эсебинен толук калыбына келттирилди.

**Сунуш 1.4.** Аткарылган иштерди кабыл алууда Кыргыз Республикасынын "Шаар куруу жана архитектура жөнүндө" мыйзамынын талаптары аткарылсын. Аткарылган курулуш иштерин кабыл алууда кошуп жазууларга жол берген техникалык көзөмөл жана башка жооптуу кызматкердин жоопкерчилиги мыйзам чегинде каралсын.

**5. Балтагулов айыл өкмөтү** (башчысы Назарбеков Байыш Маданбекович, финансы экономика бөлүмүнүн башчысы Дуулатов Равшанбек Пайызкулович).

**Табуу, тыянак 1.1:** Жайыт пайдалануучулардын бирикмесинде, бухгалтердик учет жана эсептер Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 07.10.2010-жылдагы №231 менен бекитилген "КРда ишкерчилик субъектилеринде, коммерциялык эмес уюмдарда (бюджеттик мекемелерден сырткары) бухгалтердик учетту жана финансалык отчеттуулукту жүргүзүүнүн маселелери жөнүндө" Инструкциясынын талаптары аткарылбай, касса, мекеме уюмдар менен эсептешүү китептери, Башкы китеп жүргүзүлгөн эмес. Ошондой эле, кварталдык жана жылдык Баланс (форма№1) отчеттору түзүлгөн эмес.

**Сунуш 1.2:** Жайыт пайдалануучулардын бирикмесинде, бухгалтердик учет жана эсептер Кыргыз республикасынын Өкмөтүнүн 07.10.2010-жылдагы №231 менен бекитилген "КРда ишкерчилик субъектилеринде, коммерциялык эмес уюмдарда (бюджеттик мекемелерден сырткары) бухгалтердик учетту жана финансалык отчеттуулукту жүргүзүүнүн маселелери жөнүндө" Инструкциясынын талаптарына ылайык, касса, мекеме уюмдар менен эсептешүү китептери, Башкы китеп кварталдык жана жылдык Баланс (форма№1) отчеттору түзүлсүн.

**Табуу, тыянак 2.1:** Кыргыз Республикасынын 2016-жылдын 16-майындагы №59 Бюджеттик Кодексинин 48-беренесинин 7-пунктуна ылайык, муниципалдык менчикте турган мүлктү ижарага берүүнүн ижара акысы жергиликтүү бюджетке түшүүгө тийиш. Кыргыз Республикасынын 2018-жылдын 10-августундагы №90 Салыктык эмес кирешелер жөнүндө Кодексинин 101-беренесине ылайык Муниципалдык менчикке таандык мүлктү ижаралоодо ижара акысы жергиликтүү бюджеттерге чегерилет. Кыргыз Республикасынын 2002-жылдын 15-мартындагы №37 "Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө " мыйзамынын 15-беренесинин 3-пунктуна ылайык, Муниципалдык мүлктү ижарага же пайдаланууга берүүдөн түшкөн бардык кирешелер, комиссиялык, юридикалык жана башка чыгымдарды кармап калгандан кийин жергиликтүү бюджетке келип түшөт. Келишимдин негизинде төгүлбөй калган 117,0 миң сом калдык карыз акча каражатын жайыт пайдалануучулар бирикмесинин расчеттук эсебине которуу жагы милдеттендирилди. (ижарачынын түшүнүк катынын айтымында дыйкандардан кызматынын акысын алаары менен которо тургандыгын билдирген)

**Сунуш 2.3:** Мындан ары, Кыргыз Республикасынын 2016-жылдын 16-майындагы №59 Бюджеттик Кодексинин 48-беренесинин, Кыргыз Республикасынын 2018-жылдын 10-августундагы №90 Салыктык эмес кирешелер жөнүндө Кодексинин 101-беренесинин, Кыргыз Республикасынын 2002-жылдын 15-мартындагы №37"Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө" мыйзамынын 15-беренесинин 3-пунктуна талабын бузууга жол берилбесин. Тийиштүү бюджетке төгүлбөй калган 117.0 миң сомдук төгүмдөр, жергиликтүү бюджет эсебине кайтарылсын.

**Табуу 3.1:** Т.Балтагулов айыл өкмөтүнүн Келте айылындагы Бак-3 көчөсүндөгү №13-13-а да жайгашкан 0,68 га жер аянтын, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 23-сентябрындагы "Муниципалдык менчикте турган жер участокторуна менчик же ижара укугун берүүнүн тартиби жана шарттары жөнүндө типтүү жобону бекитүү тууралуу" токтомуна ылайык, Т.Балтагулов айыл өкмөтүнүн 2022-жылдын 6-июлундагы №01-12/1-242 буйругу менен түзүлгөн комиссиянын отурумунун 2022-жылдын 8-июлундагы №01 протоколунун корутундусунун жыйынтыгы менен айыл өкмөтүнүн 2022-жылдын 13-июлундагы №01-12/1-249 буйругуна ылайык, көз карандысыз баалоочу ЖЧК "Акылдуу кызмат" ишканасынын 2022-жылдын 19-июнундагы № 45-22 "Жер

участогунун рыноктук наркын баалоо жөнүндөгү" отчетунда бир квадрат мерт жер тилкеси 53 сомдон бааланып, болуп 0,68 га жер аянты жалпысынан 378,4 миң сомго бааланган. 2022-жылдын 13-июлундагы "Жер участогун сатып алуу-сатуу" №1/13А Келишиминин негизинде Ала-Бука районундагы мамлекеттик нотариус Б.И.Борубаеванын тастыктоосунда реестрде катталган № ГН-50-5325 номери менен 378,4 миң сомго 0,68 га жер аянты сатылган.

Т.Балтагулов айыл өкмөтүнүн Келте айылындагы Бак-3 көчөсүндөгү №13-13-а да жайгашкан 0,68 га жер аянтын баалоо, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2003-жылдын 21-августундагы № 537 "Кыргыз Республикасындагы баалоочулардын жана баалоо уюмдарынын ишмердигинин убактылуу эрежелери" жөнүндөгү токтомуна ылайык, Көз карандысыз баалоочу ЖЧК "Акылдуу кызмат" ишканасынын биринчи категориядагы баалоочу, квалификациялуу сертификаттын ээси Шарипов Таалайбек Адылбекович тарабынан жүргүзүлгөн.

Аудиттин жүрушүндө, жогоруда көрсөтүлгөн жер аянтын жеке менчикке өткөрүү иштериндеги баалоо иштеринин ченемдик актыларга шайкеш жүргүзүлгөндүгүн аныктоо жана аталган жер участогугунун чыныгы (анык) баасын тактоо максатында, аудит камтыган мезгил аралыгындагы айыл өкмөтүнүн Келте айылында сатылган башка жер участокторунун бааларына сурамжылоо иштери жүргүзүлдү, жыйынтыгында Бак-3 көчөсүндөгү №13-13-а да жайгашкан 0,68 га жер аянты салыштырмалуу төмөн бааланып калгандыгы аныкталды. Тактап айтканда, аталган айылдын тургундарына сурамжылоо жүргүзгөндө, 2021-2022-жылдары Келте айылындагы 0,08 га (800 м2) жер участоктору орточо баада 300,0-320,0 миң сомдон сатылгандыгы белгилүү болду. Айыл өкмөтүнүнүн Келте айылындагы жерлердин эркин баадагы (тургундардын бири бирине саткан баада) сатылган сумма менен эсептөө жүргүзгөндө 0,68 га жер аянты (300,0 миң сом / 0,08га жер тилкеси = 37,5 миң сомду түзөт (бир соткасы), ошондо 68 сотых * 37,5 миң сом = 2 550,0 миң сомду түзмөк) **2 550,0 миң сомду** түзмөк.

Мындан сырткары баалоочу ЖЧК "Акылдуу кызмат" ишканасынын биринчи категориядагы баалоочу, квалификациялуу сертификаттын ээси Шарипов Таалайбек Адылбекович билдирүүсүндө "Келте айылында жер сатуу жана сатып алуу аналогдору жок болгондуктан, айылдын жашоочулары тарабынан так маалымат ала албагандыктан, Т.Балтагулов айыл өкмөтүнүн жер маселеси боюнча адиси, ошондой эле ишчилери тарабынан алынган маалыматтарга ылайык баалагандыгын билдирген". Мындан баалоочу жер тилкесин баалоодо толук кандуу иш жүргүзбөгөндүгү далилденет (баалоочунун түшүнүк каты тиркелет).

**Тыянак, 3.2:** Т.Балтагулов айыл өкмөтүнүн Келте айылындагы Бак-3 көчөсүндөгү №13-13-а да жайгашкан 0,68 га жер аянтын жеке менчикке сатуу үчүн жүргүзүлгөн баалоо иштери, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2003-жылдын 21-августундагы № 537 "Кыргыз Республикасынын баалоочулардын жана баалоо уюмдарынын ишмердигинин убактылуу эрежелери" токтомунун 2-бөлүгүндө каралган "Кыргыз Республикасында баалоо жүргүзүүнүн шарттары жана тартиби" жөнүндөгү шарттарга ылайык аткарылган эмес, салыштырмалуу (2550,0 миң сом–378,4 миң сом) **2171,6 сомго арзан** баааланып калган.

**Сунуш 3.2.** Т.Балтагулов айыл өкмөтүнүн Келте айылындагы Бак-3 көчөсүндөгү №13-13-а да жайгашкан 0,68 га жер аянтын сатууда тиешелүү документтеринде ченемдик актыларга шайкеш жүргүзүлбөгөндүктөн, Т.Балтагулов айыл өкмөтүнүн Келте айылындагы Бак-3 көчөсүндөгү №13-13-а

жер аянты айыл өкмөтүнүн балансына кайтарып алуу же мыйзам талаптарына ылайык кайрадан баалоо сунушталат;

**Табуу 4.1:** Аудиттин жүрүшүндө Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 1-августундагы ПЖ №266 “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларына жана муниципалдык кызматчыларына эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө” Жарлыгынын талабын сактабастан, иш сапарында жүргөн кызматкерлерге 47,7 миң сом транспорттук чыгымдар үчүн, тамактануу үчүн, компенсациялык төлөм төлөнүп берилгендиги аныкталды. Аудит учурунда Т.Балтагулов айыл өкмөтүнүн бухгалтердик тактамасынын негизинде кызматкерлердин эмгек акысына **47,7 миң** сом дебитордук карыз катары эсепке алынып, ордуна коюлду.

**Сунуш 4.2:** Мындан ары, иш сапарында жүргөн кызматкерлерге транспорттук чыгымдар үчүн, тамактануу үчүн компенсациялык төлөмдөрдү төлөөгө жол берилбесин жана кызматкерлердин компенсациялык төлөмүн төлөө Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 1-августундагы ПЖ №266 “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларына жана муниципалдык кызматчыларына эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө” Жарлыгына ылайык жүргүзүлсүн. Негизсиз төлөнгөн **47,7 миң** сомдук компесациялар тийиштүү кызматкерлер эсебинен бюджетке кайтарылсын.

**Тыянак 5.2:** Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторундагы бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча 2018-жылдын 25-декабрындагы №137-П Жобонун колдонулушунун" талаптары аткарылбай аудит мезгилинде жоопкер адамдардан болгон 22,0 миң сом дебитордук карыз көрсөтүлбөй, отчетко анык чыгымга койулуп, чыгыш болуп кеткендиги аныкталды. Жыйынтыгында жоопкерлер тарабынан 22,0 миң сом айыл өкмөттүн бюджетине кайтарылууга тийиш.

**Сунуш 5.3:** Мындан ары «Жоопкерлер менен болгон аласа жана бересе карыздар» эсебин жүргүзүүдө Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторундагы бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча 2018-жылдын 25-декабрындагы №137-П Жобонун колдонулушунун" талаптарын аткарууга алып дебитордук карызды болтурбоого жана отчеттон негизсиз чыгыштоого жол берилбесин жана тиешелүү кызматкерлерге аудиттин жыйынтыгы менен чара көрүлсүн. Жоопкерлер тарабынан **22,0 миң** сом бюджетке кайтарылсын.

**Табуу, тыянак 6.1:** Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 25.12.2018-жылдагы №137 буйругу менен бекитилген, “Мамлекеттик башкаруу секторлорунда бухгалтердик эсепти жүргүзүү жана финансалык отчетторду түзүү” Жобосунуна ылайык, Т.Балтагулов айыл өкмөтүнүн 2023-жылдын 5-сентябрындагы №356-б буйругу менен комиссия курамы түзүлүп, айыл өкмөтүнүн балансындагы негизги каражаттарына, жабдууларга жана инвентарлардын сакталуусуна инвентаризация өткөрүлүп, бухгалтериялык эсеп боюнча салыштырма ведомосту түзүлүп, анын натыйжасында айыл өкмөтүнүн аймагындагы бала бакчаларга 2022-жылга карата ата-энелерден жана демөөрчүлөрдөн **612,3 миң** сомдук кириштелүүгө жаткан эмеректер, электр жабдуулары жана “Машина жана жабдуулар” беренесине кирбей калган **19 368,3 миң** сомдук инвентарлар кириштелбей калгандыгы аныкталып, аудит жүрүшүндө

айыл өкмөтүнүн балансына кириштелип ордуна коюлду (ФЭБнүн башчысынын түшүнүк каты тиркелет);

**Сунуш 6.2:** Демөөрчүлөрдөн келген инвентарлар айыл өкмөтүнүн балансына кириштелсин, мындан ары Кыргыз Республикасынын Финансы миңистрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы № 137-Б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчетту жүргүзүү боюнча" Жобосунун талаптары сакталсын.

**Табуу, тыянак. 7.2.** Т.Балтагулов атындагы айыл өкмөтүнүн 2022-жылдын 1-январынан тартып 31-декабрына чейинки мезгил аралыгындагы капиталдык курулуш, утурумдук жана капиталдык оңдоо иштерине сарпталган бюджеттик жана башка каражаттардын максаттуу пайдаланылышы жана туура өздөштүрүшүнө жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгында жалпысы болуп **1519,5 миң** сомдук кошуп жазуулар аныкталып, аудиттин жүрушундө 175,8 миң сом калыбына келтирилди, **1343,7 миң сом** ордуна коюлган жок.

Курулуш объектилерине жасалган кээ бир долбоордук-сметалык документтер сапатсыз базар баасында жасалган.

Кээ бир курулуш объектилеринде орнотулган жабдыктардын жана иштетилген курулуш материалдардын паспорттору, сертификаттары, көрсөтүлгөн жок жана бетон иштерине курулуш лабораториясы тарабынан сыноо протоколдору (протокол испытания) түзүлгөн эмес.

**Сунуш.** 7.2.

1. Т.Балтагулов атындагы айыл өкмөтүнүн 2022-жылдын 1-январынан тартып 31-декабрына чейинки мезгил аралыгындагы капиталдык курулуш, утурумдук жана капиталдык оңдоо иштерине сарпталган бюджеттик жана башка каражаттардын максаттуу пайдаланылышы жана туура өздөштүрүшүнө жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгында аныкталып, аудит убагында өндүрүлбөй калган капиталдык оңдоо, курулуш иштериндеги **1343,7 миң сомдук** кошуп жазууларды төмөнкү подрядчылардан бюджетке кайтарылсын:

- "Курулуш Инвест" ЖЧКсынан – 1077,2 миң сом;
- "Оомат-Замир" ЖЧКсынан – 3,3 миң сом;
- "ПКК Бая-Жан" ЖЧКсынан – 263,2 миң сом.

2. Ордуна коюлган суммалар боюнча тийиштүү тараптар менен өз ара эсептешүү актылары (акт сверка) түзүлүп, бухгалтердик эсепке тийиштүү өзгортүүлор киргизилсин.

3. Дефектик актылар түзүлүп, долбоордук-сметалык документтер сапаттуу жасалышы камсыз болсун.

4. Курулуш объектилеринде орнотулган жабдыктардын жана иштетилген курулуш материалдардын паспорттору, сертификаттары, подрядчылардан талап кылынсын жана бетон иштерин курулуш лабораториясы тарабынан сыноо жүргүзүп жыйынтыгы алынсын.

5. Аткарылган иштерди кабыл алууда Кыргыз Республикасынын "Шаар куруу жана архитектура жөнүндө" мыйзамынын талаптары аткарылсын.

7. Аткарылган курулуш иштерин кабыл алууда кошуп жазууларга жол берген техникалык көзөмөл жана башка жооптуу кызматкердин жоопкерчилиги мыйзам чегинде каралсын.

**6. Ак-Коргон айыл өкмөтү (башчысы Фарманкулов Голибжан Рахманбердиевич, ФЭБ башчысы Хамрабаев Гайбулла Насибжанович).**

**Тыянак: №1.1.1.** Кыргыз Республикасынын Финансы миңистрлигинин

2018-жылдын 25-декабрындагы № 137-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчетту жүргүзүү боюнча” Жобосунун талаптары аткарылбастан, эмгек акынын эсебинен айыл өкмөтүнүн 3 кызматкерине 30,0 миң сом эмгек акынын эсебинен аванс төлөнүп, эмгек акыдан кармалып калган эмес,ошондой эле жылдын аягына дебитордук карыз катары көрсөтүлгөн эмес. Аудиттин жыйынтыгында көрүлгөн чаралардын негизинде 2023-жылдын 19-сентябрында айыл өкмөтүнүн кызматкерлеринен эмгек акысы дебитордук карыз 19 сентябрында №401/RCAS/8/1, №401/RCAS/9/1, №401/RCAS/10/1 банктык дүмүрчөтөрү аркылуу аркылуу **30,0 миң сом** тиешелүү бюджетке которуу жолу менен өз ордуна коюлуп өндүрүлдү.

**Сунуш №1.1.1.** Эмгек акы эсептөө жана төлөө боюнча бухгалтердик эсеби, Кыргыз Республикасынын Финансы миңистрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы № 137-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчетту жүргүзүү боюнча” Жобосунун талаптарына ылайык жүргүлсүн.

**Тыянак: №2.2.2.** Ак-Коргон айыл аймагынын Баястан айылынын “Кызыл Кол” участкасындагы 15,50 га кунарсыз жайыт жер аянтына капиталдык типтеги соода-логистика борборун курулган, ошондой эле 2021-жылдын 05-октябрындагы №01-22/1280 сандуу протоколунун негизинде Ала-Бука районунун тургундарын жумуш орду менен камсыз кылуу жана Кыргыз Республикасы менен Өзбекстан Республикасынын ортосундагы соода-логистикалык борбору боюнча, 2022-жылдын 25-июлунда Ала-Бука райондук мамлекеттик администрациясынын 2021-жылдын 03-ноябрындагы №01-19/227 буйругунун негизинде, “Кыргыз Эко Экспорт” ЖЧКнын ортосунда эки тараптуу Мамлекеттик менчикте турган жер участогу үчүн типтүү келишим түзүлгөн. Аталган жер аянтын Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 5-январындагы №1 сандуу токтомунун негизинде жайыт жер аянтын өнөр жайын, транспорттун, байланыштын, энергетиканын, коргонунун жерлери жана башка багыттагы жерлер категориясына (трансформациялоо) которуу менен капиталдык типтеги соода-логистикалык борборун куруу боюнча типтүү келишим түзүлүп, келишимдин негизинде жайыт жер аянтын башка багыттагы жерлер категориясына (трансформациялоо) которуудагы өзгөртүүлөрдөн кийин тиешелүү бюджетке айыл чарба жерлеринин жоготуусуна жер кыртышынын бузуу менен башка максатка иштеткендиги боюнча өз убагында тиешелүү бюджетке 1323,1 мин сом чегерилбегендиги аудиттин жүрүшүндө аныкталды.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 5-январындагы №1 сандуу токтомунун негизинде эсептелинди, **С** – коэффициент 49 жылга.**В** – өздөштүрүүдө айыл чарба жерлерин түрлөрүнө карап 1,0 га аянттын суммасы төмөндөгүчө эсептелет. **В = 40х3н,** мында **40-** жоготуулардын орточо арифметикалык чоңдугу, **3н-** К.Р Салык Кодексине ылайык жер салыгын базалык ставкасы, **В = 40х41,30=1652** (41,30сом – Ала-Бука районунун Ак-Коргон айыл аймагынын кайраки айдоо жеринин базалык салык ставкасы). **Нвп= 15,50х49х1652=1.254.694 сом** айыл чарба жоготууларынын ордун толтуруудан түшкөн каражат республикалык бюджетке түшөт. **Алынбай калган пайда 15,50 га х 90 сом х 49 жыл = 68355 сом** алынбай калган пайданын ордун толтуруудан түшкөн каражаттар жергиликтүү бюджетке түшөт.

Жыйынтыгында, “Кыргыз Эко Экспорт” ЖЧКнын жетекчилиги төмөндөгү төлөө коду-14511110 менен 1254,7 мин сом жана төлөө коду -11321300 менен 68,4

мин сом жалпысы болуп 1323,1 мин сомду Ак-Коргон айыл өкмөтүнүн бюджетине ИНН 01408199610021 Акуммулиациялык № 4408021001000127 эсеп счётуна чегерилди, ошондой эле 2023-жылдын 18-сентябрында №425 төлөө тапшырмасынын негизинде 1254,7 мин сом жана 2023-жылдын 18-сентябрында №426 төлөө тапшырмасынын негизинде 68,4 мин сом, жалпысы болуп **1323,1 мин сом** ордуна коюлуп тиешелүү бюджетке которулуп өндүрүлдү.

**Сунуш №2.2.2.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 5-январындагы №1 токтомунун негизинде айыл чарба өндүрүшүнүн жоготууларынын ордун толтуруунун наркынын ченемдерин бекитүү жана алардын ордун толтуруу тартибинде келип түшкөн каражаттарды пайдалануу жөнүндө токтомунун талаптарына ылайык жүргүзүлсүн.

**Тыянак: №3.3.3.** Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Кеңешинин 2018-жылдын 15-мартындагы №01-26/44 сандуу токтому менен бекитилген аудитордук тандап алууну жүргүзүүнү колдонуу боюнча усулдук сунушун негизинде, шайкештик аудит жүргүзүү ишинин натыйжасында аудитке камтылган мезгил аралыгында, Ак-Коргон айыл өкмөтүнүн ЖПБнын аудитордук тандоо көлөмүнүн ичиндеги иши аркылуу аудит жүргүзүлдү. Жыйынтыгында, КРнын Өкмөтүнүн 2010-жылдын 7-октябрындагы №231 менен бекитилген “КРда ишкерчилик субъектилеринде, коммерциялык эмес уюмдарда (бюджеттик мекемелерден сырткары) бухгалтердик учетту жана финансалык отчеттуулукту жүргүзүүнүн маселелери жөнүндө” Инструкциясын жана Ак-Коргон айылдык жергиликтүү Кенешинин 2022-жылдын 04-январындагы токтомунун талаптары аткарылбастан, МТЗ-82-1, МТЗ-89-1, жол тазалоочу жер айдоочу тракторлорунун мото/саатарын эсептөөдө аудит мезгил аралыгында жогорудагы тракторлордун кызмат акысынан түшкөн каражаттарды тиешелүү китепчелерге учётко албастан, тикелей иштетүү жолдору менен колдонуп келишкен, натыйжада аудит мезгилинде тракторлорунун мото/сааттарынын кызмат акысынан бюджетке өз убагында 100,5 мин сом чегерилбегени аныкталды. Жыйнтыгында, көрүлгөн чаралардын негизинде №229100011, №229100012 банкалык дүмүрчөктөрү аркылуу 2023-жылдын 18-сентябрь күнү тиешелүү бюджетке **100,5 мин сом** которуу жолу менен ордуна коюлуп өндүрүлдү.

**Сунуш:№3.3.3. К**ыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2010-жылдын 7-октябрындагы №231 менен бекитилген “Кыргыз Республикасынын ишкерчилик субъектилеринде, коммерциялык эмес уюмдарда (бюджеттик мекемелерден сырткары) бухгалтердик учетту жана финансалык отчеттуулукту жүргүзүүнүн маселелери жөнүндө” Инструкциясынын жана Жайыт мыйзамдарынын талаптарына ылайык жүргүзүлсүн.

**Тыянак №4.4.4.** Кыргыз Республикасынын салык кодексинин 176 беренесинин талаптары жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2004-жылдын 24-январындагы № 8 “Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүнүн тарифтери жөнүндө” мыйзамынын 2 беренесинин талаптары аткарылбастан, ЖПБнын кызматкерлеринин чегерилген эмгек акысынан социалдык фонд төлөмүнө 17,25% 15,8 миң сом, киреше салыгына 7,5 миң сом, социалдык фонд төлөмүнө 10% 8,7 миң сомго жалпысы болуп 32,0 мин сом өз убагында тиешелүү бюджетке чегерилбей калгандыгы аныкталды. Жыйынтыгында, көрүлгөн чаралардын негизинде, 2023-жылдын 15 сентябрында №401/RCAS/5/1 банкалык дүмүрчөгү аркылуу тиешелүү бюджетке 17,25 % социалдык фондго 15,8 мин сом, 2023-жылдын 15 сентябрында №401/RCAS/3/1

банкалык дүмүрчөгү аркылуу киреше салыгына 7,5 миң сом, 2023-жылдын 15 сентябрында №401/RCAS/4/1 банкалык дүмүрчөгү аркылуу социалдык фонд төлөмүнө 10% 8,7 миң сомго жалпысынан **32,0 мин сом** тиешелүү бюджетке чегерилип ордуна коюлуп өндүрүлдү.

**Сунуш №4.4.4.** Кыргыз Республикасынын салык кодексинин 176 беренесинин талаптары жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2004-жылдын 24-январындагы №8 "Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүнүн тарифтери жөнүндө" мыйзамынын талаптарына ылайык жүргүзүлсүн, мындан ары киреше салыгы жана социалдык фонд төлөмдөрү тиешелүү бюджетке өз убагында чегерилсин.

**Тыянак №5.5.5.** Аудит мезгилинде Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2010-жылдын 7-октябрындагы №231 менен бекитилген "Кыргыз Республикасынын ишкерчилик субъектилеринде, коммерциялык эмес уюмдарда (бюджеттик мекемелерден сырткары) бухгалтердик учетту жана финансалык отчеттуулукту жүргүзүүнүн маселелери жөнүндө" Инструкциясынын жана Жайыт мыйзамдарынын талаптары аткарылбастан, Ак-Коргон ЖПБнын Ак-Коргон айыл өкмөтүнүн ветеринары А.Биймирзаевге бекитилген ТМ-50-10 "TianMA" мотоцикли аудиттин жүрүшүндө жетишпестиги аныкталып, тиешелүү адамдардан түшүнүк кат алынып акты жазылды, жыйынтыгында көрүлгөн чаралардын негизинде ветеринар А.Биймирзаевге бекитилген ТМ-50-10 "TianMA" мотоцикли келишим баасы **53,7 мин сом** 2023-жылдын 14 сентябрында №22900081 банкалык дүмүрчөгү аркылуу тиешелүү бюджетке которуу жолу менен ордуна коюлуп өндүрүлдү.

**Сунуш №5.5.5.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2010-жылдын 7-октябрындагы №231 менен бекитилген "Кыргыз Республикасынын ишкерчилик субъектилеринде, коммерциялык эмес уюмдарда (бюджеттик мекемелерден сырткары) бухгалтердик учетту жана финансалык отчеттуулукту жүргүзүүнүн маселелери жөнүндө" Инструкциясынын жана Жайыт мыйзамдарынын талаптарына ылайык жүргүзүлсүн.

**Табуу, тыянак 6.1.** Ак-Коргон айыл өкмөтүнүн 2022-жылдын 1-январынан тартып 31-декабрына чейинки мезгил аралыгындагы капиталдык курулуш, утурумдук жана капиталдык оңдоо иштерине сарпталган бюджеттик жана башка каражаттардын максаттуу пайдаланылышы жана туура өздөштүрүшүнө жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгында жалпысы болуп **667,8 миң** сомдук кошуп жазуулар аныкталды. Аудит учурунда **23,2** миң сом калыбына келтирилди, **644,6 миң** сом ордуна коюлган жок.

**Сунуш 6.1.**

1. Ала-Бука районунун Ак-Коргон айыл өкмөтүндө, аудит убагында өндүрүлбөй калган капиталдык оңдоо, курулуш иштериндеги **644,6 миң сомдук** кошуп жазууларды төмөнкү подрядчылардан өндүрүп, ордуна коюу жагы сунушталат:

- «Макс-Нур» ЖЧКсы тарабынан **28,0 миң сом;**
- «ТЧКА» ЖЧКсы тарабынан **616,6 миң сом**.

Ордуна коюлган суммалар боюнча тийиштүү тараптар менен өз ара эсептешүү актылары (акт сверка) түзүлүп, бухгалтердик эсепке тийиштүү өзгортүүлор киргизилсин.

2. Аткарылган иштерди кабыл алууда Кыргыз Республикасынын "Шаар куруу жана архитектура жөнүндө" мыйзамынын талаптары аткарылсын.

Аткарылган курулуш иштерин кабыл алууда кошуп жазууларга жол берген техникалык көзөмөл жана башка жооптуу кызматкердин жоопкерчилиги мыйзам чегинде каралсын.

**7. Өрүктү айыл өкмөтү ( башчысы -Мадаев Гулжигит Мырзамидинович., ФЭБ башчысы Сагынбаев Насирдин Салибаевич**).

**1.1 Табуу: Тыянак**: Жайыт пайдалануучулар бирикмесинин бюджетинин аткарылышына аудит жүргүзүүдө эмгек акыдан соцфондго чегерүү **32,0 мин** сом, жана киреше салыгы **26,7 мин сом** эсептелинбей калганы аныкталды.

**1.1 Сунуш.** Жайыт пайдалануучулар бирикмесинин кызматкерлерине эмгек акы эсептөөдө, Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 17-июлундагы №385 “Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүн эсептөөнүн жана төлөөнүн тартиби жөнүндө Нускаманын” талаптарына ылайык салык жана камсыздандыруу төлөмдөрү чегерилсин.

**1.2. Табуу, тыянак. Ө**ткөрүлгөн инвентаризациянын негизинде балансқа алынбаган 2-көпүрө суммасы **2170,3 мин** сом. жана кредитке алынган жүк ташуучу машина ХОВО- суммасы **4162,4 мин** сом жана комбайн НОВА- баасы **9716,9** мин сомдук негизги транспорттук каражаттар балансқа алынбай иштетилип жаткандыгы аныкталды.

**Сунуш:1.1** Негизги каражаттардын жана материалдык баалуулуктардын эсебин жүргүзүү, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы №137 буйругуна ылайык алып барылсын.

**Табуу:Тыянак:.3.1** Аудиттин жүрүшүндө эмгек акыны эсептөөдө, кызматкерлерден командировкага чыккан кызматкерлерге компенсация **29,9 мин** сом негизсиз берилгени аныкталды. Ошондой эле. Эмгек акыга кошумча төлөнгөн компенсациядан **35.8 мин** сом киреше салыгы эсептелбей калганы аныкталды.
Аудиттин жүрүшүндө айыл өкмөттө келишим менен убактылуу иштеген жумушчулардын эмгек акысынан **7,2 мин сом** киреше салыгы жана **7,7 мин сом** соцфонд төлөмү чегерилбей калганы аныкталды.

**Сунуш:2.1.** Эмгек келишими менен иштегендерге эмгек акы эсептөөдө, Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 17-июлундагы №385 “Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүн эсептөөнүн жана төлөөнүн тартиби жөнүндө Нускаманын” талаптарына ылайык салык жана камсыздандыруу төлөмдөрү чегерилсин.
Аудит убагында чегерилбей калган **43,0 миң** сом киреше салыгы жана **7,7 миң** сом соцфонд төлөмү мыйзам чегинде тийиштүү бюджеттерге төлөнсүн. Негизсиз төлөнгөн **29,9 миң сом** бюджетке кайтарылсын.

**Табуу: Тыянак:3.1.**Аудиттин жыйынтыгында кызматтык автомашинага нормадан ашыкча 61-литр **4,1 мин** сомдук күйүүчү май сарпталганы аныкталды.

**Сунуш:3.1.** Кызматтык автоунааны пайдаланууда Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-апрелиндеги №240 “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызматтык жана нөөмөттүк автотранспортун пайдаланууну тартипке келтирүү боюнча чаралар жөнүндө” токтому менен белгиленген ченемдер сакталсын, ашыкча чыгымдарга жол берилбесин.

**Табуу: Тыянак:4.1.** Айыл чарба жерлерин ижарага берүүдө, ижара акысын өз убагында төлөбөстөн жылдын акырына төлөнбөгөн ижара акы **1189,7 мин** сом аныкталды.

**Сунуш:4.1. Ай**ыл өкмөт тарабынан ижара акыны өз убагында төлөбөгөн ижарачыларга, төлөө мөөнөтүн белгилеп, катуу чара көрүү милдеттендирилсин. Ижара акыдан болгон **1189,7 миң сом** бюджетке кайтаруу боюнча иштер аткарылсын.

**Табуу:Тыянак: 6.1.** 2022-жылда айыл өкмөттүн карамагындагы тазалык муниципалдык ишканасында, жүк ташуучу спринтер самосвал маркасындагы Автомашина элдин таштандыларын ташып иштеп жүргөн, бирок бухгатерия тарабынан бухгалтердик учет боюнча баасы **1425,0 сомдук** автомашина балanска алынбай өндүрүштө иштетилип жүргөндүгү аныкталды. Аудиттин жүрүшүндө жүк ташуучу автамащина **1425,0 мин** сом балanска коюлуп, айдоочу менен келишим түзүлүп, өндүрүшкө берилип, мыйзам чегинде иштетүү милдеттендирилди.

**Сунуш 5.1.** Негизги каражаттардын жана материалдык баалуулуктардын эсебин жүргүзүү, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы №137 буйругуна ылайык алып барылсын.

**Табуу, тыянак 5.1.** Өрүктү айыл өкмөтүнүн 2022-жылдын 1-январынан тартып 31-декабрына чейинки мезгил аралыгындагы капиталдык курулуш, утурумдук жана капиталдык оңдоо иштерине сарпталган бюджеттик жана башка каражаттардын максаттуу пайдаланылышы жана туура өздөштүрүшүнө жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгында жалпысы болуп **2417,1 миң** сомдук кошуп жазуулар аныкталды, ордуна коюлган жок.

Курулуш объектилерине жасалган кээ бир долбоордук-сметалык документтер сапатсыз базар баасында жасалган.

Кээ бир курулуш объектилеринде орнотулган жабдыктардын жана иштетилген курулуш материалдардын паспорттору, сертификаттары, көрсөтүлгөн жок жана бетон иштерине курулуш лабораториясы тарабынан сыноо протоколдору (протокол испытания) түзүлгөн эмес.

**Сунуш 6.1.**

1. Ала-Бука районунун Өрүктү айыл өкмөтүндө, аудит убагында өндүрүлбөй калган капиталдык оңдоо, курулуш иштериндеги **2417,1 миң сомдук** кошуп жазууларды төмөнкү подрядчылардан өндүрүп, ордуна коюу жагы сунушталат:

- “Амантур Строй Сервис” ЖЧКсынан – 324,6 миң сом;
- “Сапат Нур” ЖЧКсынан – 115,0 миң сом;
- “Марлен АС” ЖЧКсынан – 1561,2 миң сом;
- “Соломо Курулуш” ЖЧКсынан – 416,3 миң сом.

2. Ордуна коюлган суммалар боюнча тийиштүү тараптар менен өз ара эсептешүү актылары (акт сверка) түзүлүп, бухгалтердик эсепке тийиштүү өзгортүүлр киргизилсин.

3. Дефектик актылар түзүлүп, долбоордук-сметалык документтер сапаттуу жасалышы камсыз болсун.

4 Курулуш объектилеринде орнотулган жабдыктардын жана иштетилген курулуш материалдардын паспорттору, сертификаттары, подрядчылардан талап кылынсын жана бетон иштерин курулуш лабораториясы тарабынан сыноо жүргүзүп жыйынтыгы алынсын.

5. Аткарылган иштерди кабыл алууда Кыргыз Республикасынын “Шаар куруу жана архитектура жөнүндө” мыйзамынын талаптары аткарылсын.

Аткарылган курулуш иштерин кабыл алууда кошуп жазууларга жол берген техникалык көзөмөл жана башка жооптуу кызматкердин жоопкерчилиги мыйзам чегинде каралсын.

**8. Көк-Таш айыл өкмөтү (башчысы Азимов Абдибаит Үсөнбаевич, ФЭБ башчысы Маматов Абдумутал Каримович).**

**Табуу,тыянак 1.1.** Аудит мезгилинде айыл өкмөтү менен Ала-Бука райондук каржы башкармалыгынын ортосунда казына аркылуу которулган акча каражаттарына эсептешүү актылары түзүлүп жыйынтыгы боюнча аудит жүргүзүүдө Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 12-июнүндагы № 281 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасында чарбакер субъекттердин жана бюджеттик мекемелердин кассалык операцияларды жүргүзүү тартибинин 2-беренесинин талаптары бузулуп кириш ордерлери жазылбай айыл өкмөтүнүн кассасына 30,2 миң.сом негизсиз кириштелбей, жетишпестиктерге жол берилген, аудит жүрүшүндө айыл өкмөтүнүн бюжетине толугу менен өндүрүлүп койулду.

**Сунуш 1.2.** Кассалык операциялары жүргузүү Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 12-июнүндагы № 281 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасында чарбакер субъекттердин жана бюджеттик мекемелердин кассалык операцияларды жүргүзүү тартибинин талаптарына ылайык жүргүзүлсүн. Каржы бузууларга жана жетишпестикерге жол берилбесин.

**Табуу.Тыянак 2.1**. Аудит мезгилинде бухгалтерлер алмашкандыктан эмгек акы фонду аудит жүрүшундө такталып жыйынтыгында 12 кызматкерге негизсиз ашыкча **81,3 мин.сом** берилген жана 147,9 мин.сомдук кредитордук карыз чыкты, дебитордук карыз бүгүнкү күнгө чейин кармалбай калгандыктан аудит жүрүшүндө толугу менен бюджетке калыбына келтирилди, ал эми 147,9 мин.сом эсептелип берилди.

Мындан сырткары Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 21-декабрындагы №401 Жарлыгы менен өзгөртүүлөр киргизилген “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларына жана муниципалдык кызматчыларына эмгек акы төлөө шарттары” жөнүндөгү Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 1-августунан №266 Жарлыгынын 3пунктунун 6 пунктчасы бузулуп, жылдын аягында республикалык бюджеттен эмгек акы жогорулаганына байланыштуу келген акча каражаттарынын эсебинен айыл өкмөтүнүн 2022-жылдын 22-декабрында **51,5 мин.сом** сый акы негизсз төлөнгөн, аудит жүрүшүндө негизсиз төлөнгөн 51,5 мин.сомдук негизсиз сый акы тишелүү кызматкерлерден кармалык бюджетке ордуна койулду.

Ошондой эле Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 1-августунан №266 Жарлыгынын талаптары бузулуп айдоочуга негизсиз 25,0 мин.сом эмгек акысына кошумча төлөнүп берилген, тактап айтканда ай сайын айдоочуга тамак ашына 5,0 мин.сом төлөнүп берилген, аудит жүрүшүндө мамлекеттик бюджетке калыбына келтирилди.

**Сунуш 2.2** Кызматкерлеринин эмгек акысы Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 1-августунан №266 “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларына жана муниципалдык кызматчыларына эмгек акы төлөө шарттары” жөнүндөгү Жарлыгына ылайык жүргүзүлсүн, негизсиз төлөөлөргө жол берилбесин.

**Табуу,Тыянак 3.1** Башка кызматтарды сатып алуу беренеси боюнча сарптоо аудитордук тандап алуу процедураларын колдонуу боюнча методикалык көрсөтмөлөр” негизинде тестирлөө көлөмдөрү (объем выборки) аныкталып,

кокусунан тандап алуу процесстери “генератор случайных чисел” компьютердик программасында 30 кассалык операциянын которулган акча каражатынын авансалык отчеттору алынып, жыйынтыгында 17 кассалык операциянын которулган акча каражатынын авансалык отчет тиешелүү документтери менен бар экендиги, ал эми суммасы **313,3 мин.сомду** тузгөн 13 кассалык операциянын которулган акча каражатынын тастыктоочу докмуенттери жок экендиги аныкталды, же болбосо дебитордук карыз катары дагы көрсөтүлгөн эмес. натыйжада Кыргыз Республикасынын Финансы министринин 2018-жылдын 25-декабрындагы №137 буйругу менен бекитилген мамлекетти башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансалык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча жобонун 5 главасынын 106-бөлүмүнүн талаптары бузулган, аудит жүрүшүндө айыл өкмөтүнун кассасына кайтарылды.

**Сунуш 3.3** Акча каражаттарын чыгыштоо Кыргыз Республикасынын Финансы министринин 2018-жылдын 25-декабрындагы №137 буйругу менен бекитилген мамлекетти башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансалык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча жобонун талаптарына ылайык жүргүзүлсүн.

**Табуу,Тыянак 3.1**. Күйүүчү майларды сарптоо айыл өкмөтүнүн кызматтык автоунааны пайдалануу боюнча Кыргыз Республикасынын министрлер кабинетинин 2022-жылдын 30-апрелиндеги №240 “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызматтык жана нөөмөттүк автотранспортун пайдаланууну тартипке келтирүү боюнча чаралар жөнүндө” токтомунун 4 тиркемесинин талабы бузулуп, күйүүчү майды көрсөтүлгөн нормадан ашыкча 40,0 мин.сомдук 510 литр күйүүчү майды иштетилип бюджеттик жоготууларга жол берилгени аныкталды .

**Сунуш 3.2.** Күйүүчү майларды Кыргыз Республикасынын министрлер кабинетинин 2022-жылдын 30-апрелиндеги №240 “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызматтык жана нөөмөттүк автотранспортун пайдаланууну тартипке келтирүү боюнча чаралар жөнүндө” токтомунун 4-тиркемесинин талаптарынын негизинде бекитилген нормада иштетилсин.

**Табуу, Тыянак 4.1.** Көк-Таш айыл өкмөтүнүн кызматкерлери тарабынан 2022-жылдын 16-мартында Кыргыз Республикасынын мамлекеттик порталына №220316322437518 жүк ташуучу автоунага 10400,0 мин.сомго жөнөкөйлөштүрүлгөн ыкма усулу менен жарыя беришкен, берилген жарыяга жалпысынан 11 мекемме ар турдүү сумма көрсөтүшүп катышып өткөрүлгөн тендердик жарыянын жыйынтыгы менен атайын комиссия “Торговая компания НУР” жоопкерчилиги чектелген коомун 8149,0 мин.сомго 2 даана HOWO автоунасын сунуштоосун женүүчү деп табышып, 2022-жылдын 12-апрелинде апрелинде келишим түзүшкөн, себеби тендердик жарыяда эн аз сунуш менен катышкан “Бренд Курулуш” жоопкерчилиги чектелген коому 7738,0 мин.сом катышкан эле, бирок атайын түзүлгөн комиссиянын маалыматына ылайык бул катышуучу жүк ташуучу автоуналарды алып сатпагандыктан четтетилген.

Түзүлгөн келишимге ылайык 2022-жылдын 14-апрелинде “Торговая компания НУР” жоопкерчилиги чектелген коомуна 8149,0 мин.сом которулуп берилген, аудит жүрүшүндө 2 даан HOWO жүк ташуучу автоуналар Кара-Суу районунан Мелис атту жарандан алып келиндегендиги аныкталды, алып сатуучу Мелис деген жаран түшунүк кат жазудан баш тартты, ал эми тендерде женүүчү деп табылган

“Торговая компания НУР” жоопкерчилиги чектелген коомунун директору Таалайбек уулу Нурсултан айыл өкмөтү тарабынан 8149,0 мин.сом которулганын, анын ичинен 819,4 мин.сомун алып калып, калган 7374,6 мин.сомун айыл өкмот башчысы Азизов Абдибаитка Жалал-Абад шаарына апарып бергенин жана алар кандай автомашина алганын билбестигин жазып берди.

Ал эми өкмөт башчы Азимов Абдибаит “Торговая компания НУР” жоопкерчилиги чектелген коомунун директору Таалайбек уулу Нурсултандын көрсөткон HOWO автомашынасы жакпагандыктан башка жеке ишкерден өзунө жаккан автомашина алуу үчун жеке ишкер Таалайбек уулу Нурсултандан 7374,0 мин.сом акча каражатын алып Кара-Суу районундагы Кашкар-Кыштак айылынан жеке ишкер Мелис деген жарандан 5936,0 мин.сомго 2 даана HOWO автомашинасын алганын жана калган 1438,6 мин.сомун башка жумуштарга иштетип жибергенин жазып билдирди, бирок 1438,6 мин.сом кандай жумушка иштетилгендигин тастыктоочу документин көрсөтө алган жок.

Жазып кетчүү нерсе 2 даана HOWO ну Кара-Суу районунун Кашкар-Кыштак айылына атайын комиссия менен барышкан Көк-Таш Техсервис ишканасынын директору Абдибаит уулу Баяман жана Көк-Тащ айылынын тургуну айдоочу Стамов Урмат дагы бирге барышканын жана 2 даана HOWO автомашинасын 5936,0 мин.сомго алынганын тастыктап жазып беришти.

Аудит жүрушүндө  Торговая компания НУР” жоопкерчилиги чектелген коомунун директору Таалайбек уулу Нурсултан алып калган 819,4 мин.сом жана Азимов Абдибаит иштетип жиберген 1438,6 мин.сом, жалпысынан **2258,0 мин.сом мамлекеттик бюджетке кайтарылып ордуна койулду.**

Ал эми алынган 2 даана HOWO автомашинасы айыл өкмөтүнун балансына койулган, техникалык паспорттору боюнча 2019-жылы заводдон чыгарылган, техникалык паспорту менен автомашиналардын винкоддору жана биркалары туура келет, ал эми кыймылдаткычынын номерлери көрүнбөй калган, аралык көрсөткүчү (спидометр) иштебейт.

**Сунуш 4.2.** Сатып алуулар Кыргыз Республикасынын 2015-жылдын 3-апрелиндеги №72 “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Мыйзамынын талаптарына ылайык, ал эми жасалган жумуштарга тастыктоочу документтер Кыргыз Республикасынын Финансы министринин 2018-жылдын 25-декабрындагы №137 буйругу менен бекитилген мамлекетти башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансалык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча жобонун талаптарына ылайык жүргүзүлсүн.

**Табуу. 5.1.** Катардагы ремонт беренесин сарптоо аудитордук тандап алуу процедураларын колдонуу боюнча методикалык көрсөтмөлөр” негизинде тестирлөө көлөмдөрү (объем выборки) аныкталып, кокусунан тандап алуу процесстери “генератор случайных чисел” компьютердик программасында 3 авансалык отчет алыныш керек болсо, аудит мезгилинде бул берене боюнча 6 авансалык отчетор алынгандыктан баары каралып жыйынтыгында 243,7 мин.сомдук авансалык отчеттордун тастыктоочу документи жок чыгышталганы аныкталды, тактап айтканда; жеке ишкер Ф.Жээнбековага курулуш материалдары үчүн 453,7 мин.сом которулуп, бирок авансалык отчеттор 271,4 мин.сомду туздү, же болбосо 182,2 мин.сомду тастыктоочу документи жок чыгышталганы аныкталды, ошондой эле жеке ишкер Раатбекке курулуш материалдар үчүн 61,5 мин.сом которулуп, бирок эч кандай авансалык отчеттору жок чыгышталганы аныкталды, жалпысынан **243,7 мин.сом тастыктоочу** документтери жок

чыгышталган, натыйжада Кыргыз Республикасынын Финансы министринин 2018-жылдын 25-декабрындагы №137 буйругу менен бекитилген мамлекетти башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансалык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча жобонун 5 главасынын 106-бөлүмүнүн талаптары бузулган, аудит жүрүшүндө айыл өкмөттүн кассасына кайтарылды.

**Сунуш 5.2** Акча каражаттарын чыгыштоо Кыргыз Республикасынын Финансы министринин 2018-жылдын 25-декабрындагы №137 буйругу менен бекитилген мамлекетти башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансалык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча жобонун 5 главасынын 106-бөлүмүнүн талаптарына ылайык жүргүзүлсүн.

**Табуу.Тыянак 4.1.** Кыргыз Республикасынын Финансы министринин 2018-жылдын 25-декабрындагы №137 буйругу менен бекитилген мамлекетти башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансалык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча жобонун талаптары толук сакталган эмес, башкы журнал ачылган эмес, авансалык отчеттор толук тийиштүү документтер менен тастыкталган эмес, кээ бир материалдык баалуулуктар, акча каражаттары негизсиз (тастыктоочу документтерсиз) чыгышталган.

**Сунуш 4.1.** Бухгалтердик документтерди жүргүзүү Кыргыз Республикасынын Финансы министринин 2018-жылдын 25-декабрындагы №137 буйругу менен бекитилген мамлекетти башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансалык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча жобонун талаптарына ылайык жүргүзүлсүн. Олуттуу каржы бузууларга жол берген эсеп кызматкерлерине жана башка жоопту кызматкерлерге карата чаралар көрүлсүн.

**Табуу, тыянак 5.1.** Көк-таш айыл өкмөтүнүн 2022-жылдын 1-январынан тартып 31-декабрына чейинки мезгил аралыгындагы капиталдык курулуш, утурумдук жана капиталдык оңдоо иштерине сарпталган бюджеттик жана башка каражаттардын максаттуу пайдаланылышы жана туура өздөштүрүшүнө жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгында жалпысы болуп **24513,0 миң** сомдук кошуп жазуулар жана **20808,3** миң сомдук каражаттарды рационалдуу эмес пайдаланылган учурлар аныкталды, ордуна коюлган жок. **Обьектилер боюнча:**

- “Байсал Инвест” ЖЧКсы аткарган “Көк-Таш айыл өкмөтүнүн Кулпек-Сай айылындагы сок чыгаруучу цех куруу” обьектисинен 86,2 миң сом, “Көк-Таш айыл өкмөтүнүн Кулпек-Сай айылындагы сок чыгаруучу цех куруу” обьектсинен 122,1 миң сом, жалпы **208,3 миң сом**, ордуна коюлган жок;

- «Көк-Таш Курулуш» (Найман ММ) ЖЧКсы аткарган “Көк-Таш айыл өкмөтүнүн Көк-Таш айылындагы №22 А.Жумабаев атындагы орто мектебине курулуп жаткан ашканын кошумча курулуш жумуштары” обьектисинен жалпы **1808,0 миң сом**, ордуна коюлган жок;

- “Бренд Курулуш” ЖЧКсы аткарган “Арча көчөт багынын айланасына 363 метр тосмо тосуу” обьектисинен 152,1 миң сом, “Көк-Таш айыл өкмөтүнүн Кулпек-Сай айылындагы сок чыгаруучу цех куруу” обьектсинен **152,1 миң сом**, ордуна коюлган жок;

- “Сириус Строй” ЖЧКсы аткарган “Көк-Таш айылына маданият үйүн куруу” обьектисинен **1153,4 миң сом**, ордуна коюлган жок;

- “Көк-Таш Тазалык” муниципалдык ишканасы тарабынан аткарылган “Көк-Таш айыл өкмөтүнүн Кулпек-Сай айылына караштуу Куру-Сай участкасына таштанды полигонун куруу” объектиси боюнча аткарылган иштерден **961,3 миң**

сомдук төлөмгө негизсиз кабыл алынган фактылар аныкталды, ордуна коюлган жок;

- «А.Б.С. Строй» ЖЧКсы аткарган "У.Азимов атындагы башталгыч мектебинин жана ашканасынын имаратын оңдоп түзөө" обьектисинен **542,9 миң сомдук** жумуштар аткарылбастан, негизсиз төлөмгө кабыл алынган, ордуна коюлган жок;

- "Көк-Таш техкызмат" муниципалдык ишканасы тарабынан аткарылган "Чоң-Сай айылындагы Куру-Сай участогуна ат майданын куруу" объектиси боюнча аткарылган иштерден **432,0 миң** сомдук төлөмгө негизсиз кабыл алынган фактылар аныкталды, ордуна коюлган жок;

- «Чинизасайана» ЖЧКсы тарабынан аткарылган "Кулпек-Сай айылынын негизги көчөсүнө асфальт басуу" объектиси боюнча аткарылган иштерден **1667,6 миң** сомдук төлөмгө негизсиз кабыл алынган фактылар жана рационалдуу эмес пайдаланылган каражаттар **20808,3 миң сом** аныкталды, ордуна коюлган жок;

- «Евростиль Корпорейшн» ЖЧКсы аткарган "Көк-Таш айыл өкмөтүнүн Булак-Башы айылынын калктуу пунктарын ичүүчү жана сугат суу менен камсыз кылуу үчүн суу өткөргүчтөрүн куруу" обьектисинен **11720,7 миң сомдук** курулуш иштеринин баасын негизсиз жогорулатуу жана **3341,6 миң сомдук** жумуштар аткарылбаган убакта төломгө негизсиз кабыл алынган, жалпы **15062,3 миң** сомдук кошуп жазуулар аныкталган, ордуна коюлган жок;

- «Рус Өмүр» ЖЧКсы тарабынан аткарылган "Жалгыз Өрүк айылындагы Жалгыз-Өрук дарыясына көпүрө куруу" "Кулпек-Сай айылынын негизги көчөсүнө асфальт басуу" объектиси боюнча аткарылган иштерден **1985,9 миң** сомдук кошуп жазуулар аныкталды, ордуна коюлган жок;

- «Технадзор Сметчик» ЖЧКсы тарабынан аткарылган "Чоң-Сай негизги билим берүү мектибинин ашканасынын имаратын реконструкциялоо жана жабдууларды сатып алуу" объектиси боюнча аткарылган иштерден **539,2 миң** сомдук кошуп жазуулар аныкталды, ордуна коюлган жок.

Мындан сырткары, "Көк-Таш айыл аймагына карштуу Көк-таш айылындагы А.Жумабаев атындагы орто мектебине эстакада куруу жана 2м3 болгон резервуар орнотуу " иштерине сметалык баасын аныктоодо, "АРХ Лидер" ЖЧКсы тарабынан баштапкы сметалык баасы 520,3 миң сомго ашыкча аныкталган фактылар аныкталды (кийин башка мсетчик тарабынан кайра эсептелинин ондолгон).

**Сунуш 5.1.** Көк-таш айыл өкмөтүнүн 2022-жылдын 1-январынан тартып 31-декабрына чейинки мезгил аралыгындагы капиталдык курулуш, утурумдук жана капиталдык оңдоо иштерине сарпталган бюджеттик жана башка каражаттардын максаттуу пайдаланылышы жана туура өздөштүрүшүнө жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгында аныкталган **24513,0 миң** сомдук кошуп жазуулар жана **20808,3** миң сомдук каражаттарды рационалдуу эмес пайдаланылуулар тийиштүү "Подрядчылардан" бюджетке кайтарылсын жана аткарыла турган жумуштарды өз убагында аткарылсын. Көрүлгөн чаралар боюнча боюнча Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Ош шаары, Ош, Жалал-Абад жана Баткен областтары боюнча аймактык бөлүнүшүнө билдирилсин.

Ордуна коюлган суммалар боюнча тийиштүү тараптар менен өз ара эсептешүү актылары (акт сверка) түзүлүп, бухгалтердик эсепке тийиштүү өзгортүүлор киргизилсин.

Аткарылган иштерди кабыл алууда Кыргыз Республикасынын "Шаар куруу жана архитектура жөнүндө" мыйзамынын талаптары аткарылсын.

Аткарылган курулуш иштерин кабыл алууда кошуп жазууларга жол берген техникалык көзөмөл жана башка жооптуу кызматкердин жоопкерчилиги мыйзам чегинде каралсын.

**9. Көк-Серекайыл өкмөтү (башчысы Жедигеров Абдразак, ФЭБ башчысы Момунов Шумкар Бейшебаевич).**

**1.1. Табуу:** Айыл Өкмөттүн балансасындагы мамлекеттик жер фндуларын ижарага берүүдө 2023-жылдын 1-январына карата ижара акыдан өндүрүлбөй калган акы 3,0 мин сомду түздү. Аудит мезгилинде бюджетке которулду.

**2.1 Табуу.** Жайыт пайдалануучу бирикменин бюджетинин аткарылышына аудит жүргүзүүдө Салык Кодексинин талаптарына ылайык кошумча киреше салыгы 4,6 мин сом өлчөмүндө эсептелинди. Жогорудагы 4,6 мин сом бюджетке которулду.

**2.2. Сунуш.** Жайыт пайдалануучулар бирикмесинин эмгек акысын эсептөөдө, Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 17-июлундагы №385 "Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүн эсептөөнүн жана төлөөнүн тартиби жөнүндө Нускаманын" талаптарына ылайык салык жана камсыздандыруу төлөмдөрү өз убагында чегерилсин.

**3.1. Табуу:** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдагы 26-августундагы № 471 "Командировкалык чыгымдардын нормаларын белгилөө жана алардын ордун толтуруунун тартиби жөнүндөгү" токтомунун негизинде саар чыгымына жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгы менен **7,0 мин** сом негизсиз эсептелгени аныкталды. Аныкталган негизсиз эсептөөлөр тийиштүү адамдардын эмгек акыларынан кармалды.

**3.2. Сунуш.** Сапар чыгымдарын төлөө, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 26-август 2008-жылдагы №471 "Кызматтык сапар чыгымдардын ченемдерин белгилөө жана алардын ордун толтуруунун тартиби" жөнүндөгү токтому менен бекитилген ченемдерге ылайык жүргүзүлсүн.

**4.1. Табуу:** Ала-Бука райондук салык кызматы менен айыл өкмөттүн 2022-жылдын 31-декабрына карата түзүлгөн салыштыруу актысынын негизинде айыл өкмөткө киреше салыгын өз убагында төлөбөгөндүгү үчүн 1,3 мин сом үстөк пул жана 17,7 мин сом финансалык санкция салынган жана төлөнгөн. Натыйжада бюджеттик жоготуу **19,0 мин сомду** түзгөн.

**4.3. Сунуш.** Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 17-июлундагы №385 "Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүн эсептөөнүн жана төлөөнүн тартиби жөнүндө Нускаманын" талаптарына ылайык салык жана камсыздандыруу төлөмдөрү өз убагында чегерилсин. Бюджеттик жогтууга жол берген эсеп кызматкерлерине карата тийиштүү чаралар каралсын.

**Табуу, тыянак 5.1.** Көк-Серек айыл өкмөтүнүн 2022-жылдын 1-январынан тартып 31-декабрына чейинки мезгил аралыгындагы капиталдык курулуш, утурумдук жана капиталдык ондоо иштерине сарпталган бюджеттик жана башка каражаттардын максаттуу пайдаланылышы жана туура өздөштүрүшүнө жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгында жалпысы болуп **16420,4 миң** сомдук кошуп жазуулар аныкталды. Аудиттин жүрүшүндө подрядчы "АМантур Строй сервис" ЖЧКсынын кредитордук карызынын эсебинен (аткарган иштерден кысткартуу менен) кармап калуу эсебинен толук калыбына келттирилди.

Мындан сырткары **620,0 м2** аянттагы төшөлгөн асфальт бузулуп кеткен, пайдаланууга жарабайт.

**Сунуш 5.1.**

1. Ала-Бука районунун Көк-Серек айыл өкмөтүндөгү “Суусактагыч – Шекафтар – Пап жолунун 3,5-15,5 км участогунун капиталдык ремонту” объектиси боюнча сапатсыз аткарылган 620м2 асфальт төшөө иштери, подрядчынын эсебинен курулуш нормаларына ылайык кайрадан аткарылсын.

2. Аткарылган иштерди кабыл алууда Кыргыз Республикасынын “Шаар куруу жана архитектура жөнүндө” мыйзамынын талаптары аткарылсын. Аткарылган курулуш иштерин кабыл алууда кошуп жазууларга жол берген техникалык көзөмөл жана башка жооптуу кызматкердин жоопкерчилиги мыйзам чегинде каралсын.

**10. 1-май айыл өкмөтү (башчысы - Каримов Залкарбек Абдурасулович, финансы экономикалык бөлүмүнүн башчысы Исакова Жазгүл Насирдиновна).**

**Табуу 1.1 :** Аудиттин жүрүшүндө Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 1-августундагы ПЖ №266 “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларына жана муниципалдык кызматчыларына эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө” Жарлыгынын талабын сактабастан иш сапарында жүргөн кызматкерлерге **16,5** миң сом транспорттук чыгымдар үчүн, тамактануу үчүн, компенсациялык төлөм төлөнүп берилгендиги аныкталды.

Аудит учурунда 1-Май айыл өкмөтүнүн бухгалтердик тактамасынын негизинде кызматкерлердин эмгек акысына **16,5** миң сом дебитордук карыз катары эсепке алынып, ордуна коюлду.

**Сунуш 1.3 :** Мындан ары, иш сапарында жүргөн кызматкерлерге транспорттук чыгымдар үчүн, тамактануу үчүн компенсациялык төлөмдөрдү төлөөгө жол берилбесин жана кызматкерлердин компенсациялык төлөмүн төлөө Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 1-августундагы ПЖ №266 “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларына жана муниципалдык кызматчыларына эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө” Жарлыгына ылайык жүргүзүлсүн. Негизсиз төлөнгөн **16,5 миң** сом тийиштүү тараптардан өндүрүлүп, бюджетке кайтарылсын.

**Табуу 2.1:** Кызматтык сапар чыгымдарына жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгында айыл өкмөттүн жооптуу кызматкерлери тарабынан тапшырылган авансалык отчетторунда тастыктоочу документтери жок, негизсиз **5,4 миң** сомдук ашыкча төлөөлөр аныкталды. Аудит учурунда аныкталган каржылык бузуулар тиешелүү кызматкерлерден өндүрүлүп 12.09.2023жылдагы № 380700060 сандуу банктык квитанция аркылуу тиешелүү бюджетке төктүрүлүп, ордуна коюлду.

**Сунуш 2.3 :** Кызматтык сапарлар чыгымдарына эсептөөлөрдү жана төлөөлорду жүргүзүү Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 26.08.2008-жылдагы №471 «Командировкалык чыгымдардын нормаларын белгилөө жана алардын ордун толтуруунун тартиби жөнүндөгү» токтомунда белгиленген ченемдер талаптарына ылайык жүргүзүлсүн.

**Табуу 3.1 :** Аудиттин жүрүшүндө 2022-жылга кызматтык автоунаага сарпталуучу күйүүчү-майлоочу майлардын сарпталышына жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгында 30.04.2022-жылдагы №240 “КР мамлекеттик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызматтык жана нөөмөттүк автотранспортун пайдаланууну тартипке келтирүү боюнча чаралар жөнүндө” КР Министрлер Кабинетинин токтому менен бекитилген нормадан ашыкча 625литр

(1литр 72сом) же **45,0миң** сомдук күйүүчү май ашыкча сарпталгандыгы аныкталды.

**Сунуш 3.3 :** Кызматтык автоунаага күйүүчү майларды сарптоодо 30.04.2022-жылдагы №240 "КР мамлекеттик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызматтык жана нөөмөттүк автотранспортун пайдаланууну тартипке келтирүү боюнча чаралар жөнүндө" КР Министрлер Кабинетинин токтому менен бекитилген норма ченемдери сакталсын.

**Табуу 4.1 :** Аудиттин жүрүшүндө Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы №137-Б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчетту жүргүзүү жөнүндө" Жобону талабын сактабастан, 2022-жыл аралыгында демөөрчүлөр тарабынан кайтарымсыз негизде берилген **40,0миң** сомдук товардык материалдык баалуулуктар 1-Май айыл өкмөтүнүн балансына кириштелбегендиги аныкталды. Аудит учурунда жогорудагы товардык материалдык баалуулуктар бухгалтердик справка менен балансқа кириштелди.

**Сунуш 4.3 :** Товардык материалдык баалуулуктардын эсепке алуу жана эсептен чыгаруу Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы №137-Б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчетту жүргүзүү жөнүндө" Жобону талабына ылайык жүргүзүлсүн.

**Табуу 5.1:** Аудитте аныкталгандай, 2022-жылы жайыт акыдан түшкөн кирешелер жайыт комитетинин кассага кириштелгени 766,1миң сом болуп, бирдиктүү казыналык эсеп аркылуу айыл өкмөттүн кирешесине түшкөнү 603,3миң сомду түзгөн, башкача айтканда **162,8 миң сом** жайыт акы жергиликтүү бюджет кирешесине түшкөн эмес. Аудиттин жүрүшүндө көрүлгөн чаралардын негизинде жайыт пайдалануучулар бирикмесинин эсебинен 07.09.2023-жылдагы № 310600001 сандуу банктык квитанция аркылуу 162,8миң сом жайыт акы, 1-Май айыл өкмөтүнүн жергиликтүү бюджетине төктүрүлүп ордуна коюлду.

**Сунуш 5.3 :** Кыргыз Республикасынын Бюджеттик Кодексинин 48-беренесине ылайык, жайыттарды пайдалангандыгы үчүн төлөмдөр толугу менен бирдиктүү казыналык эсеп аркылуу айыл өкмөттүн киреше бөлүмүнө кириштелсин. Бирдиктүү казыналык эсеп системасын кыйгап өтүп түз иштетүүгө жол берилбесин.

**Табуу, тыянак 6.1.** 1-Май айыл өкмөтүнүн 2022-жылдын 1-январынан тартып 31-декабрына чейинки мезгил аралыгындагы капиталдык курулуш, утурумдук жана капиталдык оңдоо иштерине сарпталган бюджеттик жана башка каражаттардын максаттуу пайдаланылышы жана туура өздөштүрүшүнө жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгында жалпысы болуп **49,8 миң** сомдук кошуп жазуулар аныкталды, ордуна коюлган жок.

**Сунуш 6.1.** Аудиттин жыйынтыг менен аныкталган **49,8 миң сомдук** аткарылган курулуш иштерине кошуп жазуулар тийиштүү тараптардан бюджетек кайтарылсын. Аткарылган иштерди кабыл алууда Кыргыз Республикасынын "Шаар куруу жана архитектура жөнүндө" мыйзамынын талаптары аткарылсын.

**11. 4. Ала-Бука Водоканал (жетекчиси Кулчинов Бектурган Абдурахманович, башкы эсепчиси Сатыбалдиева Сафия Пазлидиновна).**

**Табуу 1.1.** 2022-жылдын 01-январына карата абоненттердин жалпы дебитордук карызы 779,9 миң сом болгон, 2022-жылдын 31-декабрына карата абоненттердин жалпы дебитордук карызы 1026,3 миң сом болгон, жылдын башына

калган **779,9 миң** сомдук дебитордук карыз 2022-жылдын бюджетине киреше катары планга киргизилген эмес.

**Сунуш 1.1. А**боненттердин жалпы дебитордук карызы жылдын аягына болгон 779,9 миң сом дебитордук карыз суммалары кийинки жылдын кирешеси катары планга кошулсун жана тийиштүү бюджетке өндүрүлсүн.

**12. Көк-Таш тазалык муниципалдык ишканасы (башчысы Турсумаматов Абдималик, финансы-экономика бөлүмүнүн башчысы Пинназаров Шербек**).

**Табуу, тыянак 1.1.** Эсептешүү операцияларын жүргүзүү үчүн РСК банкынын Ала-Бука районундагы филиалында өзүнүн негизги ишмердүүлүгүн жүргүзүү үчүн №1290313130400523 эсептик счету ачылган, жылдын башына эсептик счетто калдыгы жок, ишкананын өзүнүн эсептик счетунан 2022-жылы жалпысынан 15604,1 миң.сом түшүп, жылдын башына 509,3мин.сом калдык болгон, тиешелүү чыгыштоо документтери негизинде 16102,1 мин.сом чыгышталып, жылдын аягына 11,3 мин.сом калдык калган, ал эми эсептик счетунан ишкананын кассасына жалпысынан 10770,3 мин.сом накталай алынып иштетилген, кассалык отчет боюнча жылдын башына калдык жок, жыл ичинде баары болуп 10770,3мин.сом кириштелип, тиешелүү документтердин негизинде 10713,7 мин.сом чыгышталган, же болбосо Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 12-июнүндагы № 281 токтомү менен бекитилген Кыргыз Республикасында чарбакер субъекттердин жана бюджеттик мекемелердин кассалык операцияларды жүргүзүү тартибинин 3 тиркемесинин 2-беренесинин талаптары бузулуп кассадан негизсиз алуучунун колу жок **56,6 мин.сом** чыгышталган, аудит жүрүшүндө мамлекеттик бюджетке төктүрүлүп калыбына келтирилди.

**Сунуш 1.2** Касслык операцияларды жүргүзүү Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 12-июнүндагы № 281 токтомү менен бекитилген Кыргыз Республикасында чарбакер субъекттердин жана бюджеттик мекемелердин кассалык операцияларды жүргүзүү тартибинин талаптарына ылайык жүргүзүлсүн.

**Табуу, тыянак 2.1**.мекеменин кызматкерлеринин берген маалыматтарга ылйык аудит объектисинин 2022-жылдын 1-январына карата мекеме ишканалар менен эсептешүүдө дебитордук жана кредитордук карыз болгон эмес, 2022-жылы бухгалтериянын маалыматына ылайык дебитордук айлануу 4799,0 миң.сомду түзсө, кредитордук айлануу 4290,6 миң.сомду түзүп, 2022-жылдын 31-декабрына карата дебитордук карыз 508,4 мин.сом, кредитордук карыз болгон эмес

Аудит мезгилинде же болбосо 2022-жылдын 30-октябрында “Чингизасаяна” жоопкерчилиги чектелген коому менен Көк-Таш Тазалык муниципалдык ишканасы, Көк-Таш Тазалык муниципалдык ишканасы иштетип жаткан оор жүк ташуучу техникасын убактылуу пайдаланып туруута жана техникаларды пайдаланганы үчүн “Чингизасаяна” жоопкерчилиги чектелген коому 2235,0 мин.сом төлөөрүн көрсөтүшүп келишим түзүшкөн, Көк-Таш Тазалык муниципалдык ишканасы техникалардын акысы үчүн 1235,0 мин.сомду алып, бирок техникалар Көк-Таш Тазалык муниципалдык ишканасынан Көк-Таш Тазалык муниципалдык ишканасына өтүп кеткендигине байланыштуу 1000,0 мин.сомду Көк-Таш Тазалык муниципалдык ишканасына жумуш бүткөндөн кийин “Чингизасаяна” жоопкерчилиги чектелген коомунан ала турганын билдирип өткөрүп берет, бирок Көк-Таш Тазалык муниципалдык ишканасынын ошол кездеги директору Г.Рахманов . Чингизасаяна” жоопкерчилиги чектелген коомунан алган

1235,0 мин.сом акча каржатын мекеменин кассасына кириштебей жана чыгыштабай иштетип жиберген, кандай жумушка иштеткендигин тастыктоочу документтин көрсөтө алган жок, аудит жүрушүндө Г.Рахмановдон 1235,0 мин.сом мамлекеттик бюжетке толугу менен токтүрүлуп калыбына келтирилди.

Мындан сырткары 2022-жылдын 10-августунда Көк-Таш Тазалык муниципалдык ишканасы менен Көк-Таш Техсервис муниципалдык ишканасынын ортосунда 150,0 мин.сомго автогрейдердин кызматын пайдаланууга келишим түзүшөт, келишимге ылайык Көк-Таш Тазалык муниципалдык ишканасынын директору Г.Рахманов грейдер менен Көк-Таш Техсервис муниципалдык ишканасы ташыган топуракты жана щагылды тегиздеп бергенге милдеттенип, өз убагында жумушту бүткөрүп берип 150,0 мин.сомду алып Көк-Таш Тазалык муниципалдык ишканасынын кассасына кириштебей же чыгыштабай иштетип жиберген., кандай жумушка иштеткендигин тастыктоочу документтин көрсөтө алган жок. аудит журүшундө Г.Рахмановдон 150,0 мин.сом толугу менен мамлекеттик бюджетке төктүрүлдү.

Жалпысынан Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 12-июнүндагы № 281 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасында чарбакер субъекттердин жана бюджеттик мекемелердин кассалык операцияларды жүргүзүү тартибинин талаптары бузулуп **1385,0 мин.сом** мекеменин кассасына кириштелбей же чыгышталбай иштетилип кеткен, же болбосо кайсы жумушка иштетилгендигин тастыктоочу документин дагы көрсөтө алган жок.

**Сунуш 1.2.** Акча каражаттарды пайдалануу Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 12-июнүндагы № 281 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасында чарбакер субъекттердин жана бюджеттик мекемелердин кассалык операцияларды жүргүзүү тартибинин талаптарына ылайык мекеменин эсебине кириштелип киреше катары көрсөтүлүүсү шарт жана кайсы жумушка иштетилгенин тастыктоочу документтери болуусу керек. Негизсиз чыгымга жол берген жооптуу кызматкерлердин жоопкерчилиги мыйзам чегинде каралсын.

**Табуу, тыянак 3.1**.Кыргыз Республикасынын 2015-жылдын 3-апрелиндеги №72 "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Мыйзамынын талаптары бузулуп сатып алуу пландары түзүлгөн эмес, www.zakupki.gov.kg веб-порталына жайгаштырылган эмес, сатып алуулар котруу жолдору менен жүргүзүлгөн, аудит мезгилинде сатып алуулар мамлекеттик порталга жайгаштырылбай, которуу жана накталай сатып алуу жолдору менен сатылып алынган.

**Сунуш 3.2.** Муниципалдык ишканадагы сатып алуулар Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" мыйзамына жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнунудагы №301 токтому менен бекитилген "Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу лшнн 50 жана андан ашык пайызы мамлекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун ТИПТҮҮ ТАРТИБИ" каралган шарттар, талаптарга ылайык жүргүзүлсүн.

**13. Көк-Таш "Техсервис" муниципалдык ишканасы(башчысы Абдибалы уулу Баяман, эсепчиси Арстаналы уулу Атагелди)**.

**Табуу, тыянак 1.1**. Мекеменин кызматкерлеринин берген маалыматтарга ылйык аудит объектисинин 2022-жылдын 1-январына карата мекеме ишканалар менен эсептешүүдө дебитордук жана кредитордук карыз болгон эмес, 2022-жылы

бухгалтериянын маалыматына ылайык дебитордук айлануу 7912,9 миң.сомду түзсө, кредитордук айлануу 7912,9 миң.сомду түзүп, 2022-жылдын 31-декабрына карата дебитордук же кредитордук карыз болгон эмес

Аудит мезгилинде же болбосо 2022-жылдын 30-октябрында “Чингизасаяна” жоопкерчилиги чектелген коому менен Көк-Таш Тазалык муниципалдык ишканасы, Көк-Таш Тазалык муниципалдык ишканасы иштетип жаткан оор жүк ташуучу техникасын убактылуу пайдаланып турууга жана техникаларды пайдаланганы үчүн “Чингизасаяна” жоопкерчилиги чектелген коому 2235,0 мин.сом төлөөрүн көрсөтүшүп келишим түзүшкөн, Көк-Таш Тазалык муниципалдык ишканасы техникалардын акысы үчүн 1235,0 мин.сомду алып, бирок техникалар Көк-Таш Тазалык муниципалдык ишканасынан Көк-Таш Техсервис муниципалдык ишканасына өтүп кеткендигине байланыштуу 1000,0 мин.сомду Көк-Таш Техсервис муниципалдык ишканасына жумуш бүткөндөн кийин “Чингизасаяна” жоопкерчилиги чектелген коомунан ала турганын билдирип өткөрүп берет, бирок Көк-Таш Техсервис муниципалдык ишканасына жумуш бүткөндөн кийин техникалардын акысын бүгүнкү күнгө чейин ала элек, же болбосо 1000,0 мин.сомду тиешелүү документтерде дебитордук карыз катары көрсөтпөй жүргөн, натыйжада Кыргыз Республикасынын Финансы министринин 2018-жылдын 25-декабрындагы №137 буйругу менен бекитилген мамлекетти башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансалык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча жобонун 3.1 главасынын 311-бөлүмүнүн талаптары бузулган.

**Сунуш 1.2.** Кыргыз Республикасынын Финансы министринин 2018-жылдын 25-декабрындагы №137 буйругу менен бекитилген мамлекетти башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансалык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча жобонун 3.1 главасынын 311-бөлүмүнө ылайык “Чингизасаяна” жоопкерчилиги чектелген коомунан техникаларды пайдаланган үчүн калган **1000,0 мин**.сому дебитордук карыз катары тиешелүү документтерде корсөтүлүп тез арада өндүрүлүшү керек.

**Табуу, тыянак 2.1**.кызматкерлердин берген маалыматына ылайык аудит объектисинин 2022-жылдын 1-январына карата жоопкерчиликке берилген акча каражаттар менен эсептешүүдө дебитордук жана кредитордук карыз болгон эмес, 2022-жылы бухгалтериянын маалыматына ылайык дебитордук айлануу 5087,6 миң.сомду түзсө, кредитордук айлануу 5087,6 миң.сомду түзүп, 2022-жылдын 31-декабрына карата дебитордук же кредитордук карыз болгон эмес, жоопкерчиликке акча каражаты сапар чыгымдарына берилген эмес.

Жоопкерчиликке берилген акча каражаттарына аудит жүргүзгөндө ишкананын жетекчиси Абдивали уулу Баяман айылдын ички жолдорун ондоо үчүн 600,0 мин.сом кассадан жоопкерчиликке алып, айдоочу Тажибеков Уметалы менен 300,0 мин.сомго жана Кочкоров Бекболот менен 300,0 мин.сомго, жалпысынан 600,0 мин.сомго жолдорду ондоп берүү үчүн келишим түзүшүп, акча каражатын эки айдоочуга төлөшкөнүн жана жолдор ондолгонун жазышып авансалык отчетун тапшырган, аудит жүрүшүндө Тажибеков Уметалы жана Кочкоров Бекболот эч кандай акча каражатын албагандыгы, жумуш жасабаганы аныкталды, Абдивали уулу Баяган өзүнүн түшүнүк катында Тажибеков Уметалыга жана Кочкоров Бекболотко эч кандай акча каражатын бербегендигин ал акча каражатын башка жакка жумшаганын жазып берди, бирок кандай жумушка жумшалганын тастыктоочу документин көрсөтө алган жок, ал эми Тажибеков Уметалы жана Кочкоров Бекболот түшүнүк кат жазууга келишпей койду.

Ошондой эле эсепчи Арстаналы уулу Атакелди айылдын ички жолдорун ондоо үчүн 600,0 мин.сом кассадан жоопкерчиликке алып, айдоочу Тажибеков Уметалы менен 210,0 мин.сомго жана Кочкоров Бекболот менен 200,0 мин.сомго, жалпысынан 410,0 мин.сомго жолдорду ондоп берүү үчүн келишим түзүшүп, акча каражатын эки айдоочуга төлөшкөнүн жана жолдор ондолгонун жазышып авансалык отчетун тапшырган, аудит жүрүшүндө Тажибеков Уметалы жана Кочкоров Бекболот эч кандай акча каражатын албагандыгы, жумуш жасабаганы аныкталды, Арстаналы уулу Атакелди өзүнүн түшүнүк катында Тажибеков Уметалыга жана Кочкоров Бекболотко эч кандай акча каражатын бербегендигин ал акча каражатын башка жакка жумшаганын жазып берди, бирок кандай жумушка жумшаганын тастыктоочу документтерин көрсөтө алышкан жок,ал эми Тажибеков Уметалы жана Кочкоров Бекболот түшүнүк кат жазууга келишпей койду.

Натыйжада Кыргыз Республикасынын Финансы министринин 2018-жылдын 25-декабрындагы №137 буйругу менен бекитилген мамлекетти башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансалык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча жобонун талаптары бузулуп жалпысына жоопкерчиликке берилген акча каражатынан **1010,0 мин.сом** негизсиз иштетилгени аныкталып, аудит жүрүшүндө мамлекеттик бюджетке төгүлүп калыбына келтирилди.

**Сунуш 2.2** Жоопкерчиликке акча каражатын берүү жана авансалык отчетторун алуу Кыргыз Республикасынын Финансы министринин 2018-жылдын 25-декабрындагы №137 буйругу менен бекитилген мамлекетти башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансалык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча жобонун талаптарына шайкеш келүү керек. Негизсиз чыгымга жол берген жооптуу кызматкерлердин жоопкерчилиги мыйзам чегинде каралсын.

**Табуу, тыянак 3.1**. Кыргыз Республикасынын 2015-жылдын 3-апрелиндеги №72 “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Мыйзамынын талаптары бузулуп сатып алуу пландары түзүлгөн эмес, www.zakupki.gov.kg веб-порталына жайгаштырылган эмес, сатып алуулар котруу жолдору менен жүргүзүлгөн, аудит мезгилинде сатып алуулар мамлекеттик порталга жайгаштырылбай, котоpуу жана накталай сатып алуу жолдору менен сатылып алынган.

**Сунуш 3.2.** Муниципалдык ишканадагы сатып алуулар Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” мыйзамына жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнунудагы №301 токтому менен бекитилген “Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу лшнн 50 жана андан ашык пайызы мамлекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун ТИПТҮҮ ТАРТИБИ” каралган шарттар, талаптарга ылайык жүргүзүлсүн.

**14. “Ак-Коргон тазалык” муниципалдык ишканасы (жетекчиси Козуев Абдылла Нарбаевич, эсепчи Ш. Азамханов)**

**Тыянак №1.1.1.** Кыргыз Республикасынын салык кодексинин 176-беренесинин талаптары жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2004-жылдын 24-январындагы № 8 “Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүнүн тарифтери жөнүндө” мыйзамынын 2 беренесинин талаптары аткарылбастан, төлөнгөн эмгек акыдан киреше салыгына **49,4 миң сом**, социалдык фонд төлөмүнө **61,0 миң сомго** жалпысынан 110,4 мин сом өз убагында тиешелүү бюджетке которулбай калгандыгы аныкталды.

Жыйынтыгында, көрүлгөн чаралардын негизинде, эмгек акыдан өз убагында тиешелүү бюджетке чегерилбей калган  110,4 миң сом, “Айыл Тазалык” муниципиалдык ишканасынын 12.09.2023-жылдагы №36800018 төлөө тапшырмасынын негизинде тиешелүү бюджетке социалдык фондго 61,0 мин сом, 12.09.2023-жылдагы №79400139 төлөө тапшырмасынын негизинде негизинде тиешелүү бюджетке киреше салыгына 49,4 мин сом, жалпысы болуп **110,4 мин сом** тиешелүү бюджетке которулуп ордуна коюлуп өндүрүлдү.

**Сунуш №1.1.1.** Кызматкерлерге эмгек акы төлөө, Кыргыз Республикасынын салык Кодексинин талаптары жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2004-жылдын 24-январындагы №8 “Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүнүн тарифтери жөнүндө” мыйзамынын талаптары эске алынсын жана мындан ары киреше салыгы жана социалдык фонд төлөмдөрү тиешелүү бюджетке өз убагында чегерилип которулсун.

**Тыянак №2.2.2.** “Айыл Тазалык” муниципиалдык ишканасы тарабынан Муниципалдык ишканадагы сатып алуулар Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнунудагы №301 токтому менен бекитилген “Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу лшнн 50 жана андан ашык пайызы мамлекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун ТИПТҮҮ ТАРТИБИ” каралган шарттар, талаптар аткарылбастан 2022-жылда жалпысынан 1623,5 мин сомго мамлекеттик сатып алуулар конкурс өткөрүүсүз жүргүзүлгөндүгү аныкталды.

**Сунуш №2.2.2.** Муниципалдык ишканадагы сатып алуулар Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” мыйзамына жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнунудагы №301 токтому менен бекитилген “Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу лшнн 50 жана андан ашык пайызы мамлекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун ТИПТҮҮ ТАРТИБИ” каралган шарттар, талаптарга ылайык жүргүзүлсүн.

**15. “Ызар Техкызмат” муниципалдык ишканасы (жетекчиси Сатыбалдиев Жээналы Алишерович, эсепчиси Дуулатова Надира Алмамбетовна)**

**Табуу, тыянак1.1:** “Ызар Техкызмат” муниципалдык ишканасынын, бухгалтердик учет жана эсептер Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 07.10.2010-жылдагы №231 менен бекитилген “КРда ишкерчилик субъектилеринде, коммерциялык эмес уюмдарда (бюджеттик мекемелерден сырткары) бухгалтердик учетту жана финансалык отчеттуулукту жүргүзүүнүн маселелери жөнүндө” Инструкциясынын талаптары аткарылбай, касса, эмгек акы, мекеме уюмдар менен эсептешүү китептери, башкы китеп, жүргүзүлгөн эмес. Ошондой эле, кварталдык жана жылдык Баланс (форма№1) отчеттору түзүлгөн эмес.

**Сунуш 1.2:** “Ызар Техкызмат” муниципалдык ишканасынын, бухгалтердик учет жана эсептер Кыргыз республикасынын Өкмөтүнүн 07.10.2010-жылдагы №231 менен бекитилген “КРда ишкерчилик субъектилеринде, коммерциялык эмес уюмдарда (бюджеттик мекемелерден сырткары) бухгалтердик учетту жана финансалык отчеттуулукту жүргүзүүнүн маселелери жөнүндө” Инструкциясынын талаптары аткарылбай, касса, эмгек акы, мекеме уюмдар менен эсептешүү

китептери, башкы китеп, жүргүзүлгөн эмес. Ошондой эле, кварталдык жана жылдык Баланс (форма№1) отчеттору түзүлсүн.

**Аудиттин жыйынтыгы менен:**

- тиешелүү чараларды көрүү үчүн Ала-Бука районунун мамлекеттик администрация башчысына, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Ала-Бука финансы башкармалыгынын башчысына, айыл өкмөттөрдүн жана мунуципалдык мекемелеринин башчыларына сунуштамалар жана жазма буйруктар;
- жергиликтүү Кеңештердин сессиясында кароо үчүн жергиликтүү Кеңештердин төрагаларына аудиттин отчетторунун, сунуштамаларынын жана жазма буйруктарынын көчүрмөлөрү;
- маалымат үчүн Кыргыз Республикасынын Президентинин Жалал-Абад областы боюнча ыйгарым укуктуу өкүлчүлүгүнө аудиттин жыйынтыгы боюнча жалпылоо отчету жөнөтүлдү.

Ала-Бука районунун Балтагулов айыл өкмөтүнүн жер балансындагы 0,68 га жер участогун менчикке берүүдөгү **2171,6 миң** сомдук **бюджеттик жоготуулар боюнча материалдар**, Ала-Бука айы өкмөтүндөгү бак-дарак категорисяындагы жерледи мөөнөтсүз пайдаланууга жана 49 жылга ижара акысыз пайдаланууга берилип **8035,0 миң сомдук бюджеттик жоготууга жол берилген фактылар** боюнча материалдар, Көк-Таш айыл өкмөтүндөгү жергиликтүү бюджеттин эсебинен аткарылган курулуш иштериндеги **19254,5 миң сомдук** бузуулар, **2815,0 миң сомдук** негизсиз чыгымдар, "Көк-Таш техсервис" муниципалдык ишканасындагы **2010,0 миң** сомдук каржы бузуулар жана "Көк-Таш тазалык" муниципалдык ишканасындагы **1385,0 миң сомдук** каржы бузуулар, Көк-Серек айыл өкмөтүндөгү **16420,4** миң сомдук курулуш иштерине кошуп жазуулар, жалпы **52091,5 миң сомдук каржы бузуулар** боюнча материалдар укуктук баа берүү үчүн Жалал-Абад областтык прокуратурасына берилди.

**Кыргыз Республикасынын**
**Эсептөө палатасынын Ош шаары, Ош,**
**Жалал-Абад жана Баткен областтары**
**Боюнча аймактык бөлүнүшүнүн**
**Мамлекеттик инспектору** **А.Исмаилов**